Н. АБДУРАХМОНОВА, Л. ОРУНБАЕВА

# МАТЕМАТИКА

Жалпы орто билим берүүчү мектептердин
2-классы үчүн окуу китеби

Оңдолгон жана толтурулган төртүнчү басылышы

Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү
министрлиги бекиткен




ТАШКЕНТ
«Yangiyoʻl Poligraf Servis»
2018

**UO‘K: 51(075.2)**
**KBK: 22.1**
**A14 Абдурахмонова, Набия**
Математика: Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 2-классы үчүн окуу китеби/ Н.Абдурахманова, Л.Орунбаева; жооптуу редактору М. Жумаев. – Ташкент: «Yangiyo‘l Poligraf Servis», 2018. – 208 б.
UO‘K 51(075.2)
ISBN 978-9943-5244-1-5 KBK 22.1ya71

Жооптуу редактору:
**Маманазар Жумаев** — Низамий атындагы ТМПУнин профессору, педагогика илимдеринин кандидаты.

Рецензенттер:
**Ш. Н. Исмаилов** — ЭББ министрлигине караштуу Мырза Улугбек атындагы МАФИПАМЖББМ директори, физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент;
**З. Р. Жуманова** — РББ башталгыч билим берүү бөлүмү башчысы;
**З. Хусенова** — Ташкент шаары Яшнабад районундагы 244-мектептин башталгыч класс мугалими.

## Шарттуу белгилер:

— мультимедиалуу тиркеме
— оозеки аткаруу үчүн көнүгүүлөр
**1, 2, 3 ...** — жазма аткаруу үчүн көнүгүүлөр
— чоң, кичине, барабар белгилерин коюу
— бош чакмактарга керектүү цифра же белгилерди коюу
— ойлоп тап!
— үй иши үчүн тапшырмалар
— сабактын аягы

**Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.**

ISBN 978-9943-5244-1-5

© «Yangiyo‘l Poligraf Servis» ЖЧК, 2012-2018.
© Н.Абдурахмонова, Л.Орунбаева, 2012-2018.




# 1-КЛАССТА ӨТҮЛГӨН МАТЕРИАЛДАРДЫ КАЙТАЛОО ЖАНА ЖАЛПЫЛАШТЫРУУ

## СУММАНЫ ЖАНА АЙЫРМАНЫ ТАБУУ БОЮНЧА ЖӨНӨКӨЙ МИСАЛДАР

**1.** 1) 10, 12, 14, 16, 18, 20 сандарынан мурда келген кошуна сандарды айт;
2) 11, 13, 15, 17, 19 сандарынан кийин келген кошуна сандарды айт.

**2.** Сүрөттүн негизинде маселе түз жана аны чыгар:



6




?, 4 кө көп

**3.** Экинчи класста 32 окуучу бар. Алардын 12 си кыздар, калгандары болсо эркек балдар. Класста канча эркек бала бар?

**4.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 20 + 20 | 80 – 40 | 50 + 10 | 60 + 40 |
| 40 – 10 | 30 + 20 | 70 – 20 | 90 – 50 |

**5.** Бардык фигуралар бир сөз менен кандай аталат?




**6.** Эртең менен дүкөнгө 29 л сүт алып келишти. Түшкө чейин 20 л сүт сатылды. Канча литр сүт калды?

**7.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 37 – 7 | 40 + 9 | 58 – 50 | 94 – 90 |
| 20 + 8 | 16 – 6 | 30 + 10 | 62 – 40 |

**1.**




**2.** Зоопаркка биринчи класстан 27 окуучу, ал эми экинчи класстан болсо андан 3 кө көп окуучу барды. Зоопаркка экинчи класстан бардыгы болуп канча окуучу барган?

**3.** Үлгү боюнча аткар: 65 = 60 + 5.

57 = 50 + ☐  32 = 30 + ☐  78 = 70 + ☐

45 = 40 + ☐  96 = 90 + ☐  29 = 20 + ☐

**4.** Ар бир фигурада канчадан үч бурчтук бар?



**5.** Сүрөт боюнча маселе түз жана аны чыгар:




**6.** Сандардын суммасын тап:

26 жана 4;  38 жана 2;  57 жана 3;  69 жана 1

**7.** 47 + 3  68 – 60  36 + 4  87 + 3

54 + 4  26 – 20  77 – 7  58 + 2

## МААНИСИ БИРДЕЙ БОЛГОН МИСАЛДАР

**1.** Жадыбалдан жообу бирдей болгон мисалдарды тап:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 60 + 40 | 90 – 50 | 50 + 46 | 57 – 22 |
| 70 – 30 | 63 + 23 | 90 – 20 | 42 + 28 |
| 20 + 15 | 30 + 24 | 76 + 24 | 90 – 36 |

**2.** Жыгач уста 38 тактайды сүргүлөшү керек эле. Ал бир күндө 30 тактайды сүргүлөгөнү аныкталды. Жыгач уста дагы канча тактайды сүргүлөөгө тийиш?

**3.** Мисалдарды үлгү боюнча аткар:

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 40 | + | 6 | = | 46 | | 59 | – | | = | 50 |
| | – | 7 | = | 20 | | 60 | + | | = | 63 |
| 48 | + | 2 | = | | | | – | 7 | = | 30 |

**4.** Сүрөттө берилген ар бир фигуранын аталышын айт. Ар бир фигуранын канча жагы бар?




**5.** Сүрөттүн негизинде маселе түз жана аны чыгар:

| Бар болчу | Сатылды | Калды |
|---|---|---|
|  18 кг анжир | 10 кг анжир | ? кг |

**6.** Үч сандын суммасы 96. Биринчи сан 42, экинчи сан 24. Үчүнчү санды тап.

**7.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 70 – 30 | 19 + 10 | 58 + 2 | 47 + 3 |
| 50 + 40 | 29 – 20 | 36 + 4 | 24 + 6 |

**1.**




**2.** Жадыбалдан мааниси бирдей мисалдарды тап:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 47 – 22 | 20 + 20 | 44 + 15 | 60 + 40 |
| 83 + 17 | 38 – 30 | 68 – 43 | 58 – 50 |
| 90 – 50 | 67 + 3 | 37 + 22 | 38 + 32 |

**3.** Ыр конкурсунда 37 кыз бала жана 22 эркек бала катышты. Конкурста бардыгы болуп канча бала катышкан?

**4.** Бир түрмөктө 18 м атлас бар болчу. Андан 8 м атлас кыркып алынды. Түрмөктө канча метр атлас калды?

**5.** 70 менен 30 дун, 60 менен 20 нын суммасын жана ошол сандардын айырмасын тап.

**6.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 37 + 12 | 67 + 22 | 57 – 32 | 25 + 14 |
| 37 – 12 | 67 – 22 | 57 + 32 | 25 – 14 |
| 28 + 11 | 46 + 13 | 76 – 22 | 36 + 13 |

1. Кайсы усул ыңгайлуу?

| | |
|---|---|
| 96 – 44 = □□ | 96 – 44 = □□ |
| 6 – 4 = 2 | 96 – 40 = 56 |
| 90 – 40 = 50 | 56 – 4 = 52 |
| 50 + 2 = 52 | 96 – 44 = 52 |
| 96 – 44 = 52 | |

2. Анар салынган ящик 12 кг, ал эми жүзүм салынганы болсо андан 2 кг га жеңил. Жүзүм салынган ящик канча килограмм?


12 кг


?, 2 кг га жеңил

3.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 87 + 12 | 90 – 50 | 25 + 12 | 58 – 32 |
| 38 – 24 | 70 + 30 | 29 – 13 | 46 + 21 |
| 26 + 13 | 50 – 20 | 40 + 28 | 46 – 24 |

4. Сандар удаалаштыгын туура жайлаштыр.




5. Сандардын айырмасын тап:
38 жана 30; 80 жана 50; 47 жана 22; 59 жана 36.

**6.** Ар бир берилген сандан мурда жана кийин келген сандарды жаз:

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **29** | | | | **60** | | | | **99** | |

**7.**

| | | |
|---|---|---|
| 78 – 70 | 89 + 1 | (54 – 34) + 20 |
| 39 – 30 | 28 + 2 | (60 + 23) – 80 |

## КОШУУНУ ТЕКШЕРҮҮ

**1.**



6 + 4 = 10
10 – 6 = 4
10 – 4 = 6

Кошууну текшерүү үчүн суммадан кошулуучулардын бирин кемитүү керек. Эгерде айырмада экинчи кошулуучу алынса, жообу туура болот.

**48 + 2 = 50** *Текшерүү:* **50 – 2 = 48**

**2.** Мисалдарды чыгар, натыйжаны текшер.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 34 + 12 | 41 + 27 | 62 + 3 | 56 + 22 |
| 26 + 13 | 27 + 11 | 57 + 3 | 44 + 32 |

**3.** Маселелерди чыгар:

1) Жылууканада 60 ак түстүү жана 40 кызыл түстүү атыргүл ачылган эле. Жылууканада бардыгы болуп канча атыргүл ачылган?

2) Жылууканада 100 атыргүл ачылган. Кардар 60 атыргүл сатып алды. Анда канча атыргүл калды?

**4.**

| Кошулуучу | 60 | 32 | 24 | 50 | 26 | 14 | 57 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кошулуучу | 40 | 8 | 13 | 5 | 32 | 6 | 32 |
| Сумма | | | | | | | |

**5.** Сүрөттүн негизинде маселе түз жана аны чыгар:




**6.** 60 менен 40, 50 менен 30, 40 менен 20 нын суммасын жана ошол сандардын айырмасын тап.

**7.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 47 + 3 | 60 + 30 | 36 + 4 | 54 + 6 |
| 58 – 8 | 39 – 30 | 27 – 7 | 63 – 3 |

## КЕМИТҮҮНҮ ТЕКШЕРҮҮ

**1.**



16 – 4 = 12 12 + 4 = 16

Кемитүүнү текшерүү үчүн айырмага кемитүүчүнү кошуу керек. Эгерде суммада кемүүчү алынса, жооп туура болот.

67 – 6 = 61 Текшерүү: 61 + 6 = 67

**2.** Мисалдарды чыгар жана натыйжанын тууралыгын текшер:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 58 – 25 | 35 – 4 | 88 – 7 | 75 – 3 |

**3.** Маселелерди чыгар:

1) Бир түрмөктө 90 м кездеме бар болчу. Көйнөк тигүү үчүн 50 м кездеме кыркып алынды. Түрмөктө канча метр кездеме калоды?

2) Бир түрмөк кездемеден 50 м кыркып алынгандан кийин 40 м кездеме калды. Баштап түрмөктө канча метр кездеме болгон?

**4.**

| Кемүүчү | 90 | 80 | 38 | 57 | 96 | 70 | 49 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кемитүүчү | 50 | 30 | 30 | 32 | 44 | 10 | 24 |
| Айырма | | | | | | | |

**5.** Бир мамычага кошуу амалы менен, экинчи мамычага кемитүү амалы менен берилген туюнтмаларды жаз жана алардын маанилерин тап:
50 + 30, 90 – 40, 57 + 3, 28 – 20, 57 + 12, 76 – 34.

**6.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 66 – 44 | 96 – 36 | 58 + 22 | 74 + 23 |
| 55 + 20 | 87 – 47 | 57 – 32 | 74 – 23 |

## ТИК БУРЧ. ТИК ЭМЕС БУРЧ

**1.** Тик бурчтар.



Тик бурчтан чоң жана кичине бурчтар.





Бир бурчу тик бурч, ал эми калган эки бурчу тик бурч болбогон үч бурчтук формасындагы сызгыч **гония** деп аталат.

Гониянын жардамында көп бурчуктардагы тик бурчтарды аныкта:




**2.** Сүрөттүн негизинде маселе түз жана аны чыгар:



жана



16 кг — 14 кг

Туздалды — 20 кг — Калды — ? кг

**3.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар.

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 70 | + | ◯ | = | 76 | 59 | – | ◯ | = | 59 |
| ◯ | – | 5 | = | 40 | ◯ | + | 4 | = | 24 |
| ◯ | + | 8 | = | 38 | 62 | – | ◯ | = | 60 |

**4.** Гониянын жардамында төмөнкү бурчтардын түрлөрүн аныкта:




1) тик бурчтан кичине бурчтардын тартип номерин жаз;
2) тик бурчтан чоң бурчтардын тартип номерин жаз.

**5.** Дептериңе төмөнкүдөй тик бурчтарды чий:



**6.** Ашканага 18 чайнек, 20 пияла алып келишти. Ашканага бардыгы болуп канча идиш алып келишкен?

**7.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 40 + 25 | 52 – 30 | 57 + 32 | 80 – 50 |
| 68 – 60 | 30 + 12 | 96 – 44 | 50 + 30 |

## КӨП БУРЧУКТУН ПЕРИМЕТРИ

**1.** Бул төрт бурчтуктардын бардык бурчтары тик бурчту түзөт:



**Көп бурчуктун бардык жактары узундуктарынын суммасы анын периметрин түзөт.**

Төрт бурчтуктун периметрин тап:




8 + 3 + 6 + 2 = 19 (см)

**2.** 46 + 20    74 – 30    67 + 10    59 – 50

50 + 35    60 + 20    57 – 32    36 – 24

**3.** Төмөнкү кыска жазуу боюнча маселе түз жана аны чыгар:

1-себетте — 8 кг
2- себетте — 10 кг ) ? кг



**4.** Ар бир фигуранын периметрин тап:







**5.** 90 –50 ☐ 40    60 + 40 ☐ 50    57 + 3 ☐ 70

38 +20 ☐ 70    48 + 20 ☐ 30    53 + 7 ☐ 60

**6.** Бир түрмөктө 48 м, экинчи түрмөктө андан 8 м ге аз шайы бар. Эки түрмөктө канча метр шайы бар?

**7.** 43 + 30    64 – 20    57 + 3    28 – 8

43 – 30    64 + 20    57 – 7    20 + 8

**1.**

 +  = 100

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
|  | 60 | | 57 | | 50 | | 75 | | 83 |
|  | | 30 | | 26 | | 48 | | 68 | |

**2.** Сан койгонуңда, барабардык туура болсун:

70 + ☐ = 76    44 – ☐ = 40    30 + ☐ = 39

28 – ☐ = 20    90 + ☐ = 90    67 – ☐ = 60

**3.** 4, 5, 9 цифраларынын жардамында 9 эки орундуу санды жазууга болот: 44, 45, 49, 54, 55, 59, 94, 95, 99.

3, 7, 8 цифраларынын жардамында алууга мүмкүн болгон бардык эки орундуу сандарды жаз.

**4.** 1) Дептерге төмөнкү сынык сызыкты чий:



2) сынык сызыкта канча муун бар экендигин аныкта;

3) бардык муундар узундуктарынын суммасын тап.

**5.** Сүрөттүн негизинде маселе түз жана аны чыгар:




**6.** Трактордун бакында иш башталганда 48 литр күйүүчү май бар болчу, иштин аягына келип 8 литр күйүүчү май калды. Канча литр май калган?

**7.**

| | | |
|---|---|---|
| $(40+10)+6$ | $(16+14)+7$ | $83+10$ |
| $(30-20)+9$ | $(70-30)+5$ | $25+25$ |
| $(20+20)+5$ | $(50-30)+4$ | $67+20$ |

45 + 23 = 68

64 + 26 = 90

57 – 26 = 31

52 – 24 = 28



# САНДАР ЖАНА ЭСЕПТӨӨЛӨР. 100 ДҮН ИЧИНДЕ ОНДУКТАН ӨТҮП КОШУУ ЖАНА КЕМИТҮҮ

## САНДАР ОГУ ЖАНА АНЫН МОДЕЛДЕРИ

**1.** Ар бир сандын аталышын жана өзүнүн ордун айт. Ар бир бөлүктүн аралыгы эмнеге барабар?




**2.** Бир мамычага сандардын суммасын, экинчи мамычага сандардын айырмасын жаз. Бул сандуу туюнтмалардын маанисин тап:

58–40 | 57+3 | 78–6 | 40+14 | 70+23 | 20–3

**3.** Схема боюнча маселе түз. Маселени амалдар боюнча аткар.



**4.** Бош чакмактардын ичине 1 ден 5 ке чейинки сандарды жайлаштырганыңда, ар бир катар жана мамыча боюнча алар бир жолу гана катышсын.



**5.** 75 дм – 25 дм    55 см + 35 см
45 см + 35 см    52 дм – 24 дм

**6.** Мектеп спорт мелдеши үчүн 49 спорт кийими сатып алынды. Алардан 20 сы башталгыч класс окуучулары үчүн ажыратылды. Жогорку класс окуучулары үчүн канча спорт кийими калды?

**7.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 37+ 2 | 78– 4 | 26+ 4 | 60– 3 |
| 37+20 | 78–40 | 26+40 | 60–30 |

**1.** Жообу 100 чыгышы үчүн кайсы жактан жүрүү керек?

Эсептөөлөрдү туура аткар.




**2.** Дүкөндө күн бою 24 балдардын велосипеди жана андан 10 го аз чоңдордун велосипеди сатылды. Чоңдордун велосипеди балдардын велосипедине

караганда канчага аз сатылды? Балдардын велосипеди чоңдордун велосипедине караганда канчага көп сатылган?

**3.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 16 + 4 | 17 + 12 | 48 – 15 | 47 + 3 |
| 28 + 2 | 29 – 13 | 25 + 14 | 26 – 6 |

**4.** Суроо белгиси коюлган чекиттерге тиешелүү сандарды кой:







**5.** Түстөргө карап, мисалдардын жообун тап:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 25 + 6 | 96 – 6 | 42 + 9 | 18 – 9 |
| 67 + 8 | 84 + 7 | 68 – 8 | 59 + 6 |
| 59 – 9 | 38 + 5 | 39 + 4 | 16 – 8 |

**6.** Ар бир фигурада канчадан үч бурчтук бар?



**7.** Үйдүн курулушунда 37 кыш кыноочу, алардан 7 ге аз боёкчу иштеди. Үйдүн курулушунда бардыгы болуп канча жумушчу иштеген?

**8.**

| | |
|---|---|
| 47 + 23 □ 80 – 30 | 57 – 26 □ 42 – 15 |
| 32 – 12 □ 50 + 20 | 64 + 25 □ 75 + 24 |
| 45 + 14 □ 50 – 20 | 34 + 25 □ 57 + 13 |

# 100 ДҮН ИЧИНДЕ САНДАРДЫ РАЗРЯДДАН ӨТҮП КОШУУНУН УСУЛДАРЫ

**1.** 38 + 5 = □□

5 санын кандай кошконуңду сүрөттөн пайдаланып түшүндүр:



38 + 5 = □□ (5 → 2 и 3)

38 + 5 = 38 + 2 + 3 = (38 + 2) + 3 = 40 + 3 = 43

**2.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:

57 + 8 = 57 + 3 + 5 = (57 + 3) + 5 = 60 + 5 = 65 (8 → 3 и 5)

29 + 4 (4 → 1 и 3)    64 + 7 (7 → 6 и 1)    48 + 9 (9 → 2 и 7)    35 + 6 (6 → 5 и 1)

**3.** Мектептин короосунда 38 түп алма көчөтү бар. Дагы 4 түп анар жана 5 түп чие көчөтү тигилди. Мектептин короосуна бардыгы болуп канча көчөт тигилген?

**4.** Үлгү боюнча аткар: 26=20+6.

54=50+□    65=□□+□    89=□□+□

78=70+□    29=□□+□    37=□□+□

**5.** Кыска жазуу боюнча маселе түз жана аны чыгар:

Бар болчу — 39 стол
Алып келинди — 4 стол } ? стол

**6.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 45+7 | 34+7 | 57+5 | 16+7 |
| 29+9 | 59+6 | 86+5 | 65+8 |

**1.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:

29+6=29+1+5=(29+1)+5=30+5=35

(6 = 1 + 5)

46+4=□□ 46+7=□□ (7 = 4 + 3)

58+2=□□ 58+7=□□ (7 = 2 + 5)

67+3=□□ 67+5=□□ (5 = 3 + 2)

**2.** Дүкөнгө 59 эки жана үч дөңгөлөктүү велосипед алып келишти. Үч дөңгөлөктүү велосипед 29 даана болсо, анда канча эки дөңгөлөктүү велосипед алып келишкен?

**3.** Амал белгилерин барабардыктар туура болгондой кылып кой:

| | | |
|---|---|---|
| 30□7=37 | 53□3=50 | 70□9=79 |
| 20□6=26 | 47□7=40 | 96□6=90 |
| 80□8=88 | 60□1=61 | 85□5=80 |

**4.** Эки кесинди чий: биринин узундугу 8 см, экинчиси андан 3 см ге узун болсун. Экинчи кесиндинин узундугу канча?

**5.** 40 см + 20 см  50 дм – 10 дм
20 дм + 20 дм  70 см – 30 см

**6.** Жылууканада 39 атыргүл ачылган. Кечке жуук дагы 6 атыргүл ачылды. Жылууканада бардыгы болуп канча атыргүл ачылган?

**7.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 35+7 | 28+7 | 45+0 | 75–5 |
| 38+5 | 69+3 | 54–0 | 29+6 |

**1.** Мисалдардын чыгарылышын түшүндүр:

**37 + 48 = ☐☐** | **37 + 53 = ☐☐**

37 + 48 = ☐☐

30 7 40 8

30 + 40 = 70
7 + 8 = 15
70 + 15 = 85

37 + 53 = ☐☐

30 7 50 3

30 + 50 = 80
7 + 3 = 10
80 + 10 = 90

же

37 + 48 = (30 + 7) + (40 + 8) = (30 + 40) + (7 + 8) = 70+15=85

> Эки орундуу санды эки орундуу санга кошууда ондуктар ондуктарга, бирдиктер бирдиктерге кошулат.

**2.** Жогорку класстын окуучулары 27 аңгеме жана 38 ыр китептерин ремонтошту. Окуучулар бардыгы болуп канча китеп ремонттошкон?

**3.** Сандарды разряд бирдиктеринин сумма көрүнүшүндө туюнт.

| | | |
|---|---|---|
| 37=30+7 | 87=80+☐ | 15=10+☐ |
| 48=40+☐ | 13=10+☐ | 38=30+☐ |

**4.** Берилген фигуралардын арасынан тик бурчтуктарды тап жана алардын цифраларын айт.



**5.** Кыска жазуу боюнча маселе түз жана аны чыгар:

1-бидондо — 17 л май
2-бидондо — 28 л май } ? литр май

**6.** Оюнчук жасоо устаканасынын жумушчулары бир жумада 37 куурчак, 53 мамалак жасашты. Устакананын жумушчулары бир жумада бардыгы болуп канча оюнчук жасашкан?

**7.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 27+18 | 42–5 | 32+16 | 27+33 |
| 45–23 | 38+5 | 43+20 | 47+28 |

## ЖӨНӨКӨЙ ЖАНА КУРАМДУУ МАСЕЛЕЛЕРДИ ЧЫГАРУУ

**1.** Ашканага 57 чоң, 43 кичине чайнек алып келишти. Ашканага бардыгы болуп канча чайнек алып келишкен?

**2.** Мисалдын чыгарылышын түшүндүр:

87+13=□□□
80+10= 90
7+ 3 = 10
90+10=100 же
87 + 13 =(80+10)+(7+3)=90+10=100
/ \ / \
80 7 10 3

**3.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 76 + 24 | 57 – 26 | 67 + 33 | 63 – 24 |
| 52 + 48 | 45 + 23 | 78 + 22 | 53 + 37 |

**4.** Кыска жазуу боюнча маселе түз жана аны чыгар:

Буудай — 47 кап
Арпа — 43 кап } ? кап дан

**5.** Мисалдарды үлгүнүн негизинде чыгар:







Үлгү: 76 + 24 = 100.

**6.** Кандай фигураларды көрүп турасың? Дептериңе чий жана аларды боё.



**7.** Салыштыр:

| | | |
|---|---|---|
| 37+63□99 | 17+43□ 60 | 67+13□87 |
| 47+28□90 | 83+17□100 | 26+14□37 |

**8.** Устакана үчүн 24 сүргү, 26 кол араа сатып алышты. Устакана үчүн бардыгы болуп канча эмгек шаймандарын сатып алышкан?

**1.** Китепканада 18 «Bilimdon» журналы бар болчу. Китепканачы бир топ журналдарды окуучуларга окуу үчүн тараткандан кийин 8 журнал калды. Китепканачы канча журнал тараткан?

**2.** Жадыбал негизинде берилген мисалдарды чыгар.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 38 + 5 | 87 + 13 | 57 + 8 | 17 + 6 |
| 37 + 48 | 67 + 33 | 48 + 9 | 28 + 5 |
| 76 + 24 | 53 + 22 | 29 + 4 | 37 + 8 |

**3.** Санды койгонуңда, барабардык туура болсун:

57 + □ = 65 | 64 + □ = 71 | 46 + □ = 53
35 + □ = 41 | 29 + □ = 33 | 28 + □ = 35

**4.** Биринчи фигурада 3 чийдин ордун алмаштырганыңда, 4 квадрат алынсын. Экинчи фигурадан 3 чийди алганыңда, 4 квадрат калсын.





**5.** Назгүл 28 жашта, байкеси болсо андан 5 жашка чоң. Байкеси канча жашта?

**6.** 64, 27, 68, 74 сандарын үлгүдө көрсөтүлгөндөй сумма менен алмаштыр: 57 = 50 + 7.

**7.** 67 + 3 | 47 + 5 | 45 – 5 | 17 + 6
46 + 7 | 35 + 8 | 54 – 4 | 24 + 7

**1.** Жадыбалдын негизинде мисалдар түз жана чыгар:

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кошулуучу | 67 | 57 | 38 | 37 | 87 | 37 | 43 |
| Кошулуучу | 3 | 32 | 5 | 48 | 13 | 53 | 27 |
| Сумма | | | | | | | |

**2.** «Neksiya» автомобилинин бакына 42 литр, «Spark» автомобилинин бакына болсо андан 5 литрге аз бензин куюлду. «Spark» автомобилинин бакына канча литр бензин куюлган?

**3.** 75 см + 25 см | 64 дм + 26 дм
90 дм – 53 дм | 90 см – 37 см

**4.** Бул сызыктардын кайсы бирин сынык сызык деп айтууга болот?



**5.** 29 + 6 | 74 – 9 | 28 + 7 | 63 – 7
42 – 6 | 54 + 7 | 67 – 8 | 14 + 8

**6.** Бир бөлүк халва 17 кг, экинчи бөлүк халва андан 8 кг га аз. Экинчи бөлүк халва канча килограмм?

**7.** 58 – 4 | 47 + 2 | 60 – 3 | 36 + 4
58 – 40 | 47 + 20 | 60 – 30 | 36 + 40

# ЭКИ ОРУНДУУ САНДАРДЫН ОНДУК КУРАМЫ. КОШУУНУН МАМЫЧА УСУЛУ

**1.** Мисалдын чыгарылышын түшүндүр: 45 + 23 = ☐☐

| Онд. | Бирд. |
|---|---|
| 4 | 5 |
| + 2 | 3 |
| 6 | 8 |

45+23=(40+20)+(5+3)=60+8=68

Мисал мамыча түрүндө жазып чыгарылат.

1. Ондуктар ондуктардын, бирдиктер бирдиктердин астына жазылат.
2. Адегенде бирдиктер бирдиктерге кошулат.
   5 бирд. + 3 бирд. = 8 бирд.
   8 бирдиктердин астына жазылат.
3. Соӊ ондуктар ондуктарга кошулат.
   4 онд. + 2 онд. = 6 онд.
   6 ондуктардын астына жазылат.
4. Жообу: 45 менен 23 түн суммасы 68 ге барабар.




**2.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:

$$\begin{array}{r} 55 \\ +\,14 \\ \hline \end{array} \quad \begin{array}{r} 45 \\ +\,23 \\ \hline \end{array} \quad \begin{array}{r} 62 \\ +\,27 \\ \hline \end{array} \quad \begin{array}{r} 73 \\ +\,25 \\ \hline \end{array} \quad \begin{array}{r} 53 \\ +\,42 \\ \hline \end{array}$$

**3.** Жаш натуралисттер жылууканада бир түптөн 35, экинчи түптөн 13 даана лимон үзүштү. Жаш натуралисттер эки түптөн канча даана лимон үзүшкөн?

**4.** Ар бир фигурада канчадан үч бурчтук бар?



**5.** Кыска жазуу негизинде маселе түз жана аны чыгар:

1-түрмөктө — 25 м
2-түрмөктө — 15 м
3-түрмөктө — ? м

} 48 метр аркан

**6.** Түшүрүп калтырылган так сандарды жаз:
19, 21, ..., ..., 27, ..., 31.

**7.** $+\begin{array}{r}43\\16\\\hline\end{array}$ $+\begin{array}{r}32\\27\\\hline\end{array}$ $+\begin{array}{r}54\\33\\\hline\end{array}$ $+\begin{array}{r}67\\12\\\hline\end{array}$ $+\begin{array}{r}82\\13\\\hline\end{array}$

**1.** Мисалдын чыгарылышын түшүндүр: 29 + 32 = □□

| Онд. | Бирд. |
|---|---|
| 2 | 9 |
| + 3 | 2 |
| 6 | 1 |

$29+32=(20+30)+(9+2)=50+11=61$

Мисал мамыча түрүндө жазып чыгарылат.

1. Ондуктар ондуктардын астына, бирдиктер бирдиктердин астына жазылат.
2. Бирдиктер бирдиктерге кошулат.
   9 бирд. + 2 бирд. = 11 бирд.
   11 бирд. — бул 1 онд. жана 1 бирд.
   Бирдиктердин астына 1 ди жазып, 1 ондукту ондуктарга кошуп жазуу үчүн эсте сактап коюлат.
3. Ондук ондуктарга кошулат.
   2 онд. + 3 онд. = 5 онд.
   5 онд. + 1 онд. = 6 онд.
   Ондуктардын астына 6 жазылат.
4. Жообу: 29 менен 32 нин суммасы 61 ге барабар.

$+\begin{array}{r}29\\32\\\hline 61\end{array}$

**2.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:

$+\begin{array}{r}74\\19\\\hline\end{array}$ $+\begin{array}{r}69\\23\\\hline\end{array}$ $+\begin{array}{r}87\\13\\\hline\end{array}$ $+\begin{array}{r}59\\17\\\hline\end{array}$ $+\begin{array}{r}42\\23\\\hline\end{array}$

**3.** Мектептеги музыка ийримине 53, көркөм сүрөт өнөрү ийримине 37 окуучу катышып жатат. Эки ийримге бардыгы болуп канча окуучу катышып жатат?

**4.** Биринчи кесинди экинчи кесиндиден канча сантиметрге кыска? Үчүнчү кесинди экинчи кесиндиден канча сантиметрге узун?




**5.** Жадыбал негизинде маселе түз жана аны чыгар:

| Сатып алынды | Иштетилди | Калды |
|---|---|---|
|  ? кг пияз | эртең менен — 26 кг<br>кечинде — 22 кг | 20 кг |

Чыгаруу: 1) 26 + 22 = 48  2) 48 + 20 = 68

**6.** Бир үйдө 29 кг капуста, андан 9 кг га аз бадырaң, бадыраңдан 12 кг га көп помидор туздалды. Канча килограмм помидор туздалган?

**7.** Мисалдарды чыгар.

$$\begin{array}{r}+\,59\\12\\\hline\end{array}\qquad\begin{array}{r}+\,28\\23\\\hline\end{array}\qquad\begin{array}{r}+\,55\\38\\\hline\end{array}\qquad\begin{array}{r}+\,47\\34\\\hline\end{array}\qquad\begin{array}{r}+\,49\\32\\\hline\end{array}$$

**1.** Мисалдын чыгарылышын түшүндүр: 64 + 26 = ☐☐

| Онд. | Бирд. |
|---|---|
| 6 | 4 |
| + 2 | 6 |
| 9 | 0 |

64+26=(60+20)+(4+6)=80+10=90

Мисал мамыча түрүндө жазып чыгарылат.

1. Ондуктар ондуктардын астына, бирдиктер бирдиктердин астына жазылат.
2. Бирдиктер бирдиктерге кошулат.
   4 бирд. + 6 бирд. = 10 бирд.
   Бирдиктердин астына 0 дү жазып, 1 ондукту ондуктарга кошуп жазуу үчүн эсте сактап коюлат.
3. Ондук ондуктарга кошулат.
   6 онд. + 2 онд. = 8 онд.
   8 онд. + 1 онд. = 9 онд.
   Ондуктардын астына 9 жазылат.
4. Жообу: 64 менен 26 нын суммасы 90 го барабар.

$$\begin{array}{r} 64 \\ +\,26 \\ \hline 90 \end{array}$$

**2.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:

$$\begin{array}{r} 77 \\ +\,13 \\ \hline \end{array} \quad \begin{array}{r} 54 \\ +\,36 \\ \hline \end{array} \quad \begin{array}{r} 47 \\ +\,16 \\ \hline \end{array} \quad \begin{array}{r} 74 \\ +\,16 \\ \hline \end{array} \quad \begin{array}{r} 68 \\ +\,27 \\ \hline \end{array}$$

**3.** Бир айда тооктор үчүн 34 кг, каздар үчүн 26 кг дан сарпталды. Бир айда бардыгы болуп канча дан сарпталган?

**4.** Мисалдарды чыгар:

90: 64 + ☐☐ 26 + ☐☐ 58 + ☐☐ 77 + ☐☐

100: 87 + ☐☐ 46 + ☐☐ 59 + ☐☐ 75 + ☐☐

**5.** Фигуралардын аттарын жаз.




**6.** Жыл бою бир айылда 29, ал эми экинчи айылда болсо 22 жаңы үй курулду. Эки айылда бир жылдын ичинде бардыгы болуп канча жаңы үй курулган?

**7.** Мисалдарды мамыча түрүндө жаз жана амалдарды аткар:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 72 + 21 | 90 – 58 | 53 + 37 | 46 + 24 |
| 69 – 27 | 56 + 34 | 48 – 16 | 87 – 66 |

**1.** Мисалдын чыгарылышын түшүндүр: 75 + 15 = ☐☐

| | Онд. | Бирд. |
|---|---|---|
| + | 7 | 5 |
| | 1 | 5 |
| | 9 | 0 |

75+15=(70+10)+(5+5)=80+10=90

Мисал мамыча түрүндө жазып чыгарылат.

1. Ондуктар ондуктардын астына, бирдиктер бирдиктердин астына жазылат.
2. Бирдиктер бирдиктерге кошулат.
   5 бирд. + 5 бирд. = 10 бирд.
   10 бирд. — бул 1 онд. жана 0 бирд.
   Бирдиктердин астына 0 дү жазып, 1 ондуктун ондуктарга кошуп жазылышы эсте сактап коюлат.
3. Ондук ондукка кошулат.
   7 онд. + 1 онд. = 8 онд.
   8 онд. + 1 онд. = 9 онд.
   Ондуктардын астына 9 жазылат.
4. Жообу: 75 менен 15 тин суммасы 90 го барабар.

| | | |
|---|---|---|
| + | 7 | 5 |
| | 1 | 5 |
| | 9 | 0 |

**2.** $\begin{array}{r}65\\+\,25\\\hline\end{array}$ $\begin{array}{r}50\\+\,40\\\hline\end{array}$ $\begin{array}{r}45\\+\,45\\\hline\end{array}$ $\begin{array}{r}84\\+\,12\\\hline\end{array}$ $\begin{array}{r}55\\+\,35\\\hline\end{array}$

**3.** Үч муундан турган сынык сызыкты чий: Биринчи муундун узундугу 3 см, экинчисиники 2 см, ал эми үчүнчүсүнүкү 4 см болсун. Биринчи муун экинчи муундан канча сантиметрге узун, экинчи муун болсо үчүнчү муундан канча сантиметрге кыска?

**4.** Амал белгилерин барабардыктар туура болгондой кылып кой:

| | | |
|---|---|---|
| 32 □ 29 = 61 | 45 □ 23 = 68 | 87 □ 13 = 100 |
| 57 □ 26 = 31 | 42 □ 15 = 27 | 37 □ 53 = 90 |

**5.** Жадыбал негизинде маселе түз жана аны чыгар:

| Бар болчу | Алып келинди | Болду |
|---|---|---|
|  20 литр бензин |  Дагы 20 л бензин | ? литр |

**6.** Мисалдарды үлгү боюнча аткар: <u>35=30+5</u>

| | | |
|---|---|---|
| 42 = □□ + □ | 68 = □□ + □ | 47 = □□ + □ |
| 56 = □□ + □ | 24 = □□ + □ | 59 = □□ + □ |

**7.** Мебелдер дүкөнүнө 25 стол, 15 шкаф алып келишти. Дүкөнгө бардыгы болуп канча мебель алып келишкен?

**8.** $\begin{array}{r}58\\+\,32\\\hline\end{array}$ $\begin{array}{r}69\\+\,29\\\hline\end{array}$ $\begin{array}{r}67\\+\,23\\\hline\end{array}$ $\begin{array}{r}60\\+\,40\\\hline\end{array}$ $\begin{array}{r}47\\+\,43\\\hline\end{array}$

# ҮЛГҮ БОЮНЧА УДААЛАШТЫКТЫ УЛАНТУУ

**1.** Мисалдарды үлгүгө карап чыгар:

$$100-37=(100-30)-7=70-7=63$$

(37 = 30 + 7)

| | | | |
|---|---|---|---|
| 100 – 57 | 100 – 62 | 100 – 46 | 100 – 87 |
| 100 – 28 | 100 – 26 | 100 – 64 | 100 – 78 |

**2.** Наабайканада 100 даана күлчө жана патир нан жабылды. Алардын 78 и күлчө нан. Наабайканада канча патир нан жабылган?

**3.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:




**4.** Ар бир фигуранын канчадан жагы жана бурчу бар?




**5.** Дүкөнгө сатуу үчүн 37 жуп бут кийимин алып келишти. Бир күндө 15 жуп бут кийими сатылды. Дүкөндө дагы канча жуп бут кийими калды?

**6.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 42 + 8 + 9 | 90 – 50 | 100 – 27 | 100 – 24 |
| 76 + 4 + 3 | 57 + 32 | 100 – 39 | 100 – 56 |

**1.** Мисалдарды үлгү боюнча аткар: 22=11+11

| | | |
|---|---|---|
| 44 = 22 + □□ | 64 = 32 + □□ | 88 = 44 + □□ |
| 48 = 24 + □□ | 66 = 33 + □□ | 90 = 45 + □□ |

**2.** Тегирменге бир күндө 23 кап буудай жана ошончо кап жүгөрү алып келишти. Тегирменге бардыгы болуп канча кап дан алып келишкен?

**3.** Башкатырманы тапсаң, сүйүктүү өлкөңдүн атын билип аласың.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 48–32 Ө | 90–40 З | 54+33 С | 87+13 Н | |
| 75–23 Б | 28+31 Е | 53+42 Т | 88–27 К | 56+42 А |

| 16 | 50 | 52 | 59 | 61 | 87 | 95 | 98 | 100 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | |

**4.** Эки кошуна кошулуучуну алардын суммасы менен алмаштырып, ыңгайлуу усул менен эсепте:

| | | |
|---|---|---|
| 5 + 14 + 6 | 8 + 9 + 1 | 10 + 80 + 9 |
| 3 + 12 + 8 | 7 + 8 + 2 | 50 + 30 + 5 |

**5.** Фигураларды салыштыр:



**6.** Мектептин ашканасына 50 кг ун алып келишти. 4 кг ундан самса, 6 кг ундан таттуу күлчө бышырылды. Ашканада канча килограмм ун калган?

**7.**

| | |
|---|---|
| 50 см + 20 см | 70 дм – 30 дм |
| 40 дм – 10 дм | 60 см + 40 см |

## ТУРМУШТА КЕЗДЕШЧҮ КООРДИНАТАЛАР СИСТЕМАСЫНЫН МОДЕЛДЕРИ

**1.** Адреске жетип баруу үчүн кайсы жол туура?




**2.** Дүкөнгө сатуу үчүн 42 лыжа жана чана алып келишти. Алардан 24 ү лыжа болчу. Дүкөнгө канча чана алып келишкен?

**3.** Ойло, изде, тап!

**Жаш көрүүчүлөр театрында**

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4-катар | 31 | 32 | 33 | 34 | | 36 | 37 | 38 | 39 | 40 |
| 3-катар | 21 | | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 |
| 2-катар | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | | 18 | 19 | 20 |
| 1-катар | 1 | 2 | 3 | | 5 | 6 | 7 | 8 | | 10 |

**4.** 55 см + 25 см | 48 дм – 26 дм
64 дм – 32 дм | 49 см + 21 см

**5.** Кыска жазуу боюнча маселе түз жана аны чыгар:
1-фермада – 30 үй } ?
2-фермада – ?, 14 кө аз үй

**6.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:

| | |
|---|---|
| 29 + ☐ = 35 | ☐ – 26 = 31 |
| 42 – ☐ = 37 | 31 + ☐ = 61 |
| ☐ + 23 = 68 | ☐ – 24 = 26 |

**7.** Эки кесинди чий. Биринин узундугу 12 см, экинчиси андан 4 см ге кыска болсун. Экинчи кесиндинин узундугу канча?

**8.**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 65 | 55 | 76 | 37 | 78 |
| + 25 | + 35 | + 24 | + 53 | + 17 |

**1.** Жаш көрүүчүлөр театрына биринчи автобуста 35, экинчи автобуста болсо андан 5 ке аз окуучу барды. Жаш көрүүчүлөр театрына бардыгы болуп канча окуучу барган?

**2.** Мисалдардын жообун өсүп баруу тартибинде жаз:




**3.** Кыска жазуу боюнча маселе түз жана аны чыгар:
Шахмат ийримине – 27 окуучу
Шашка ийримине – ?, үчкө көп окуучу

**4.** Ар бир фигурада канчадан үч бурчтук бар?



**5.** Мисалдарды ыңгайлуу усул менен эсепте:

1) 50 менен 7 нин суммасынан 26 ны кемит;
2) 40 менен 5 тин суммасына 5 ти кош.

**6.** Китеп 18 беттүү болчу. Сеитбек ошол китептин 9 бетин окуп болду. Ал дагы канча бет окушу керек?

**7.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 62 + 8 | 56 – 36 | 57 + 3 | 46 + 4 |
| 97 + 3 | 87 – 46 | 38 + 2 | 24 + 6 |

**1.** Мисалдардын жообун тап:




**2.** Ташкентке учуп келген бир самолётто 50, ал эми экинчи самолётто болсо андан 4 кө аз саякатчы келди. Экинчи самолётто канча саякатчы келген?

**3.** $\begin{array}{r}37\\+\,48\\\hline\end{array}$ $\begin{array}{r}65\\+\,27\\\hline\end{array}$ $\begin{array}{r}39\\+\,37\\\hline\end{array}$ $\begin{array}{r}76\\+\,14\\\hline\end{array}$ $\begin{array}{r}53\\+\,42\\\hline\end{array}$

**4.** Зоопарктагы эки аквариумда балыктар бар. Алардын биринде 20, ал эми экинчисинде болсо биринчи аквариумдагыдан 5 ке аз балык бар. Экинчи аквариумда канча балык бар?






**5.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар.

61 + 9 = □□

29 + 32 = □□ 70 – 40 = □□

43 – 14 = □□ 30 + 48 = □□

38 + 5 = □□ 78 – 40 = □□

**6.** Ар бир көп бурчуктун канчадан жагы, канчадан бурчу, канчадан чокусу бар?

1)  2)  3)  4) 

**7.** Түшүрүп калтырылган жуп сандарды жаз:
18, 20, ..., ..., 26, ..., 30.

**8.** Мисалдарды мамыча түрүндө жаз, амалдарды аткар:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 32 + 48 | 56 + 31 | 32 + 29 | 21 + 52 |
| 36 + 64 | 61 + 28 | 57 + 26 | 36 + 21 |

# 100 ДҮН ИЧИНДЕ САНДАРДЫ РАЗРЯДДАН ӨТҮП КЕМИТҮҮНҮН ЖАЗМА УСУЛУ

**1.** Мисалдын чыгарылышын түшүндүр: 42 – 5 = □□



42 – 5 = □□

2 3

42 – 5 = 42 – 2 – 3 = (42 – 2) – 3 = 40 – 3 = 37

**2.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:

57 – 9 = 57 – 7 – 2 = (57 – 7) – 2 = 50 – 2 = 48

7 2

65 – 7 (5 2) 87 – 9 (7 2) 42 – 6 (2 4) 97 – 8 (7 1)

**3.** Китеп шкафынын биринчи катарына 37, ал эми экинчи катарына болсо андан 3 кө көп китеп жайланды. Шкафтын эки катарына бардыгы болуп канча китеп жайланган?

**4.** Фигуралардын канчадан жагы бар, алардын аттарын айт. Ар бир фигуранын периметрин тап:






**5.** 89 см □ 8 дм 9 см   57 см □ 5 дм 7 см
62 см □ 6 дм 2 см   43 дм □ 4 дм 3 см

**6.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:




**7.** 63, 72, 86, 47 сандарын үлгүдө көрсөтүлгөндөй сумма менен алмаштыр: 59 = 50 + 9

**8.** Сан койгонуңда, барабардык туура болсун:

| | | |
|---|---|---|
| 48 + □ = 53 | 85 – □ = 80 | 59 – □ = 50 |
| 39 + □ = 46 | 63 – □ = 60 | 23 – □ = 20 |
| 53 + □ = 62 | 79 – □ = 70 | 98 – □ = 90 |

**1.** Мисалдын чыгарылышын түшүндүр: 42 – 15 = □□

42 – 15 = (42 – 10) – 5 = 32 – 5 = 27
(15 → 10 5)

**2.** Мисалдарды ыңгайлуу усул менен чыгар:

52 – 14 (14 → 10 4)   32 – 17 (17 → 10 7)   63 – 26 (26 → 20 6)

**3.** Саякатка экинчи класстан 39 окуучу, ал эми үчүнчү класстан болсо 9 га аз окуучу барды. Саякатка үчүнчү класстан бардыгы болуп канча окуучу барган?

**4.** Сүрөттүн негизинде маселе түз жана аны чыгар:



17 кг алма




?, 11 кг га аз

**5.** Керектүү жерлерге кашааларды кой, натыйжада туура барабардык алынсын:

80–50+10=20 100–40+50=10
40–10+20=10 90–40+20=30

**6.** Дептериңе чий жана тик бурчту аныкта:




**7.** Тигүүчүлөр бир күндө 32 түрмөк ак жип, андан 15 ке аз түрмөк кара жип иштетишти. Бир күндө бардыгы болуп канча түрмөк жип иштетишкен?

**8.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 38 + 5 | 37 + 33 | 52 – 25 | 32 – 15 |
| 42 – 5 | 37 + 43 | 87 + 13 | 90 – 50 |

# САНДАРДЫ КЕМИТҮҮНҮН МАМЫЧА УСУЛУ

**1.** Мисалдын чыгарылышын түшүндүр: $57-26=\square\square$

| Онд. | Бирд. |
|---|---|
| 5 | 7 |
| – 2 | 6 |
| 3 | 1 |

57–26=(57–20)–6=37–6=31

Мисал мамыча түрүндө жазып чыгарылат.

1. Ондуктар ондуктардын астына, бирдиктер бирдиктердин астына жазылат.
2. Бирдиктерден бирдиктер кемитилет.
   7 бирд. – 6 бирд. = 1 бирд.
   1 бирдиктердин астына жазылат.
3. Ондуктардан ондуктар кемитилет.
   5 онд. – 2 онд. = 3 онд.
   3 ондуктардын астына жазылат.
4. Жообу: 57 менен 26 нын айырмасы 31 ге барабар.

$$\begin{array}{r} 57 \\ -\,26 \\ \hline 31 \end{array}$$

**2.** $\begin{array}{r} 47 \\ -\,16 \\ \hline \end{array}$ $\begin{array}{r} 75 \\ -\,32 \\ \hline \end{array}$ $\begin{array}{r} 42 \\ +\,14 \\ \hline \end{array}$ $\begin{array}{r} 87 \\ -\,13 \\ \hline \end{array}$ $\begin{array}{r} 62 \\ +\,16 \\ \hline \end{array}$

**3.** Чуркоо боюнча мелдеште 37, ал эми узундукка секирүү мелдешинде болсо андан 16 га аз окуучу катышты. Узундукка секирүү мелдешинде канча окуучу катышкан?

**4.** Фигураларды дептериңе чий жана аттарын жаз.

1) 2) 3) 4)



**5.** Базарга сатуу үчүн 47 ящик алма жана андан 13 ящикке аз шабдалы алып келишти. Базарга канча ящик шабдалы алып келишкен?

**6.** $\begin{array}{r} 67 \\ -\,46 \\ \hline \end{array}$ $\begin{array}{r} 57 \\ -\,35 \\ \hline \end{array}$ $\begin{array}{r} 96 \\ -\,82 \\ \hline \end{array}$ $\begin{array}{r} 48 \\ -\,32 \\ \hline \end{array}$ $\begin{array}{r} 77 \\ -\,65 \\ \hline \end{array}$

**1.** Мисалдын чыгарылышын түшүндүр: 50 – 24 = □□

50 – 24 = (50 – 20) – 4 = 30 – 4 = 26

1. Бирдиктерден бирдиктер кемитилет.
   0 дөн 4 тү кемитип болбойт. 5 ондуктан 1 ондукту алабыз (унутуп койбостук үчүн 5 цифрасынын үстүнө чекит коюлат).
   1 ондук = 10 бирдик
   10 бирд. – 4 бирд. = 6 бирд.
   Бирдиктердин астына 6 жазылат.
2. Ондуктардан ондуктар кемитилет.
   5 ондук бар болчу, андан бирдиктерди кемитүү үчүн 1 ондукту алдык. 4 ондук калды.
   4 онд. – 2 онд. = 2 онд.
   Ондуктардын астына 2 жазылат.
3. Жообу: 50 менен 24 түн айырмасы 26 га барабар.

$$\begin{array}{r} \dot{5}0 \\ -\,24 \\ \hline 26 \end{array}$$

**2.** $\begin{array}{r} 70 \\ -\,34 \\ \hline \end{array}$ $\begin{array}{r} 45 \\ +\,23 \\ \hline \end{array}$ $\begin{array}{r} 80 \\ -\,54 \\ \hline \end{array}$ $\begin{array}{r} 75 \\ +\,15 \\ \hline \end{array}$ $\begin{array}{r} 30 \\ -\,14 \\ \hline \end{array}$

**3.** Акбар менен Анвардын ортосундагы аралык 57 м. Алардын ар бири карама-каршы жакты карай 20 м ден чуркагандан кийин, алардын ортосундагы аралык канча болот?




**4.**

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кемүүчү | 30 | 40 | 60 | 70 | 50 | 80 | 90 |
| Кемитүүчү | 16 | 15 | 27 | 36 | 34 | 56 | 48 |
| Айырма | | | | | | | |

**5.** Мисалдарды үлгүдө көрсөтүлгөндөй чыгар:

$$14-6 \square 12-8$$
$$8 > 4$$
$$14-6 > 12-8$$

---

$38+5 \square 67+3$ $42-5 \square 42-15$ $25+13 \square 58-15$

**6.** Дүкөндө 80 сүрөт дептери бар болчу. Күн бою 36 сүрөт дептери сатылды. Дүкөндө канча сүрөт дептери калган?

**7.** Кашааларды койгонуңда, барабардыктар туура болсун.

$40-9+11=20$ $40- \ \ 6+2=32$

$40-9+11=42$ $60-20+7=33$

**1.** Мисалдын чыгарылышын түшүндүр: $52-24=\square\square$

| Онд. | Бирд. |
|---|---|
| 5 | 2 |
| – 2 | 4 |
| 2 | 8 |

$52-24=(52-20)-4=32-4=28$

Мисал мамыча түрүндө жазып, чыгарылат.

1. Бирдиктерден бирдиктер кемитилет.
   2 бирдиктен 4 бирдикти кемитип болбойт.
   5 ондуктан 1 ондук алынат (унутуп койбостук үчүн 5 цифрасынын үстүнө чекит коюлат).
   1 ондук жана 2 бирдик — бул 12 бирдик
   12 бирд. – 4 бирд. = 8 бирд.
   Бирдиктердин астына 8 жазылат.
2. Ондуктардан ондуктар кемитилет.
   5 ондук эле, андан бирдиктерди кемитүүдө 1 ондукту алдык. 4 ондук калды.
   4 онд.–2 онд.=2онд. Ондуктар астына 2 жазылат.
3. Жообу: 52 менен 24 түн айырмасы 28 ге барабар.

$$\begin{array}{r} \dot{5}2 \\ -\ 24 \\ \hline 28 \end{array}$$

**2.** $\begin{array}{r}63\\-\;45\\\hline\end{array}$ $\quad\begin{array}{r}47\\+\;35\\\hline\end{array}$ $\quad\begin{array}{r}72\\-\;27\\\hline\end{array}$ $\quad\begin{array}{r}32\\+\;24\\\hline\end{array}$ $\quad\begin{array}{r}80\\-\;59\\\hline\end{array}$

**3.** Жадыбал негизинде маселе түз жана аны чыгар:

| Бар болчу | Сатылды | Калды |
|---|---|---|
|  50 кап күрүч | түшкө чейин — 25 кап<br>түштөн кийин — 20 кап | ? кап |

**4.** 80 + 15 □ 80 + 11    30 – 7 □ 20 + 3

52 – 24 □ 50 – 24    27 – 3 □ 27 + 3

**5.** Ар бир фигура жактарынын узундугун өлчө:

1) 

2) 

**6.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар.

14 + 14 = □□

28 – 15 = □□

13 – 0 = □□

13 + 29 = □□

79 – 37 = □□

42 + 26 = □□

68 – 54 = □□

**7.** Бир чарбада буудай оруу үчүн 22, экинчи чарбада андан 14 кө аз комбайн иштеди. Экинчи чарбада канча комбайн иштеген?

**8.** Мисалдарды мамычага жазып, амалдарды аткар:

32 – 14   64 – 12   52 – 34   40 – 4

60 – 34   55 + 35   48 + 22   20 – 6

# АЙЫРМАНЫ ТАБУУ БОЮНЧА КУРАМДУУ МАСЕЛЕЛЕР

**1.** Дүкөндө 54 жуп аялдар бут кийими, андан 7 ге аз эркектер бут кийими сатылды. Канча жуп эркектер бут кийими сатылган?

**2.** Жадыбал негизинде берилген мисалдарды чыгар:

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кемүүчү | 58 | 77 | 64 | 52 | 50 | 70 | 63 |
| Кемитүүчү | 32 | 13 | 26 | 24 | 24 | 34 | 45 |
| Айырма | | | | | | | |

**3.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 43 + 8 | 18 – 9 | 32 – 7 | 54 – 8 |
| 64 – 7 | 16 – 9 | 13 – 7 | 73 – 9 |

**4.** Керектүү жерлерге кашааларды кой, натыйжада туура барабардык алынсын:

| | |
|---|---|
| 80 – 50 + 10 = 20 | 100 – 40 + 50 = 10 |
| 40 – 10 + 20 = 10 | 90 – 40 + 20 = 30 |
| 50 – 7 + 3 = 40 | 50 – 22 + 8 = 20 |

**5.** Фигуралардагы үч бурчтуктардын санын аныкта.



**6.** Кампада 42 кап жүгөрү бар болчу. Түшкө чейин 5 кап, ал эми түштөн кийин 4 кап жүгөрү дүкөнгө жөнөтүлдү. Кампада канча кап жүгөрү калды?

**7.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 42 – 2 | 57 – 7 | 27 + 2 | 38 + 2 |
| 42 – 7 | 57 – 9 | 27 + 20 | 38 + 20 |

**1.** Мисалдарды мамыча түрүндө жазып, эсепте:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 40 – 6 | 50 – 4 | 80 – 8 | 27 + 3 |

**2.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:




**3.** Метронун бир вагонунда 98 жүргүнчү бар. Алардын 48 и эркектер, ал эми калгандары аялдар. Ошол вагондо канча аял бар?

**4.** Мисалдарды мамыча түрүндө жазып, эсепте:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 20 – 3 | 24 + 6 | 75 + 15 | 90 – 8 |
| 36 + 4 | 40 – 6 | 55 + 25 | 80 – 9 |

**5.** 1-фигурада канча төрт бурчтук, 2-фигурада канча үч бурчтук жана төрт бурчтук бар?



**6.** Аш кабактын салмагы 8 кг, дарбыздын салмагы болсо андан 3 кг га аз. Дарбыздын салмагы канча?

**7.**

| | | |
|---|---|---|
| (34 + 14) – 5 | (40 – 30) + 8 | (30 – 20) + 20 |
| (28 – 18) + 9 | (60 + 20) + 2 | (70 – 10) + 30 |

# УБАКЫТ БИРДИКТЕРИ: СААТ, МИНУТ. УБАКЫТ, АРАЛЫК ЖАНА ЫЛДАМДЫКТЫ ТАБУУ БОЮНЧА ЖӨНӨКӨЙ МАСЕЛЕЛЕР

**1.**



Сааттын чоң жебеси минутту көрсөтөт. Ал бир сызыкчадан экинчи сызыкчага 1 минутта өтөт.

Сааттын кичине жебеси саат канча болгонун көрсөтөт. Ал бир цифрадан экинчи цифрага чейин 1 саатта өтөт.

**1 саат = 60 минут.**



1) Саат кайсы убакытты көрсөтүп жатат?
2) Сааттын чоң жебеси кайсы цифраны көрсөтүп жатат?
3) Сааттын кичине жебеси кайсы цифраны көрсөтүп жатат?

**2.** Мисалдарды үлгү боюнча аткар:

$$100-6=90+(10-6)=90+4=94$$

(100 = 90 + 10)

| | | | |
|---|---|---|---|
| 100 – 7 | 100 – 4 | 100 – 9 | 100 – 8 |

**3.** Саякатчы үч күндө канча убакытты жол жүргөнгө сарптаган?




**4.** Дүкөндө 100 даана чаң соргуч бар болчу. Күн бою 9 чаң соргуч сатылды. Дүкөндө дагы канча чаң соргуч калды?

**5.** Велосипедчилер мелдешинде Азиз белгиленген дарекке 35 минутта, ал эми Абдулазиз болсо 40 минутта жетип келди. Азиз Абдулазизден канча минут мурда жетип келген? Абдулазиз Азизден канча минут кийин жетип келген?

**6.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 100 – 5 | 83 + 17 | 80 + 20 | 40 + 60 |
| 100 – 3 | 90 + 10 | 50 + 50 | 70 + 30 |

**1.** 1) Саат кайсы убакытты көрсөтүп жатканын айт.



2) Ар бир саат 10 минуттан кийин кандай убакытты көрсөтүшүн айт.

**2.**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 60 | 32 | 73 | 58 | 80 |
| – 24 | + 27 | – 45 | + 32 | – 54 |

**3.** Ашпоздук мелдешинде Насиба берилген тапшырманы 20 минутта, ал эми Гүлсара болсо 25 минутта аткарды. Насиба тапшырманы Гүлсарадан канча минут мурда аткарган? Гүлсара тапшырманы Насибадан канча минут кийин аткарган?

**4.** Мисалдарды ыңгайлуу усул менен эсепте:

| | | |
|---|---|---|
| 40 + 30 + 9 | 50 + 20 + 7 | 30 + 20 + 8 |
| 20 + 20 + 4 | 80 – 40 + 5 | 90 – 70 + 2 |

**5.** 1 ден 9 га чейин калган 6 санды бош тегерекчелерге койгонуңда, ар бир катардын тегерекчелери ичиндеги 4 сандын суммасы 20 га барабар болсун.




**6.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 45 + 32 | 87 – 42 | 53 + 15 | 52 – 26 |
| 96 – 74 | 62 + 31 | 79 – 38 | 25 + 25 |

**7.** Автобуста 30 жүргүнчү бара жаткан болчу. Аялдамада дагы 4 аял жана 7 эркек киши чыкты. Автобустагы жүргүнчүлөр канча болду?

**1.** Сааттын моделинде саат 1 ди, саат 4 тү, саат 7 ни көрсөт. Андан кийин ошол убакыттан 5 мин, 15 мин, 20 мин, 3 мин өткөнүн көрсөт.

**2.** Назира үйүнөн нан дүкөнүнө чейин 15 минут, нан дүкөнүнөн мектепке чейин болсо 8 минут жол жүрдү. Назира үйдөн мектепке чейин канча убакытта жетип келген?




**3.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 27 + 18 | 42 – 5 | 42 + 17 | 57 – 26 |
| 54 – 13 | 28 + 5 | 34 + 20 | 64 – 23 |

**4.** Кыска жазуу боюнча маселе түз жана аны чыгар.

Асма саат – 18
Кол сааты – ? аз
) ? саат

**5.** Саат эки жарымды көрсөтүп жатканын, он беш минуту кем алтыны көрсөтүп жатканын, саат сегизден отуз минутту көрсөтүп жатканын дагы кантип айтууга болот?

**6.** Саякатчылар поездде 3 саат, автомобилде поезддегиге караганда 4 саатка көп жол жүрүштү. Саякатчылар бардыгы болуп канча саат жол жүрүшкөн?

**7.**

| | |
|---|---|
| 6 дм 5 см □ 65 см | 75 см □ 7 дм 5 см |
| 7 дм 2 см □ 72 см | 34 см □ 3 дм 4 см |

## ЖӨНӨКӨЙ ФИГУРАЛАРДЫ ТАТААЛ ФИГУРАЛАРГА АЙЛАНДЫРУУ ЖАНА ТЕСКЕРИСИ

**1.** Ар бир фигуранын канчадан жагы жана бурчу бар? Фигуралардын аттарын жаз.

1)  2)  3)  4)  5) 

**2.** Сан койгонуңда, барабардык туура болсун.

| | | |
|---|---|---|
| 38 + □ = 43 | 42 – □ = 27 | 75 + □ = 90 |
| 42 – □ = 37 | 45 + □ = 68 | 50 – □ = 26 |

**3.** Жаңы курулган имараттын биринчи кабатында 26, экинчи кабатында 28 бөлмө бар. Экинчи кабатында биринчисине караганда канчага көп бөлмө бар?

**4.** Ар бир фигурада канчадан үч бурчтук бар

а) 

б) 

**5.** Сандарды разряд бирдиктеринин суммасы көрүнүшүндө туюнт: 29 = 20 + 9.

53=50+□ 42=40+□ 32=30+□

87=80+□ 15=10+□ 57=50+□

**6.** Кыркып алынган 4 үч бурчтуктан 2 квадрат түз.



**7.** Окуучулар мектептен сейил бакка баруу жана кайтууга 40 минут сарпташты, бактын өзүндө болсо балдар 20 минут сейилдешти. Бул сейилге бардыгы болуп канча убакыт кеткен?

## ТИК БУРЧТУКТУН КАРАМА-КАРШЫ ЖАКТАРЫНЫН КАСИЕТТЕРИ

**1.**



Бардык бурчтары тик болгон төрт бурчтук **тик бурчтук деп аталат.**

Тик бурчтуктун карама-каршы жактары бири-бирине барабар болот.

Тик бурчтуктун төрт чокусу, төрт бурчу, төрт жагы бар.

**2.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 9 + 7 | 7 + 5 | 36 + 4 – 10 | 29 + 1 + 7 |
| 8 + 6 | 6 + 6 | 57 + 3 – 20 | 48 + 2 + 9 |

**3.** Көп бурчуктардагы тик, андан чоң жана кичине бурчтарды аныкта:



**4.** Көлмөдө 9 өрдөк сүзүп жүргөн болчу. Дагы бир топ өрдөк келип кошулгандан кийин, көлмөдөгү өрдөктөрдүн саны 14 болду. Канча өрдөк келип кошулган?

**5.** Амал белгилерин барабардыктар туура болгондой кылып кой:

| | | |
|---|---|---|
| 40□5 = 45 | 59□9 = 50 | 80□3 = 83 |
| 27□7 = 20 | 60□4 = 64 | 39□9 = 30 |

**6.** 1) 19, 29, 39, 49, 59, 69, 79, 89, 99 сандарынан бирге кийин келе турган кошуна сандарды жаз;
2) 90, 80, 70, 60, 50, 40, 30, 20, 10 сандарынан бирге мурда келе турган кошуна сандарды жаз.

**7.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 8 + 8 | 9 – 7 | 37 + 3 – 5 | 22 + 8 + 4 |
| 9 + 5 | 7 + 6 | 46 + 4 – 2 | 57 + 3 + 5 |

**1.** Төмөнкү чиймеде канча квадрат жана канча тик бурчтук бар? Аларды дептериңе чий жана боё.



**2.** Сандарды койгонуңда, барабардык туура болсун.

| | | |
|---|---|---|
| 40+□=42 | 38–□=30 | 50+□=53 |
| 29–□=20 | 60+□=63 | 37–□=30 |

**3.** Бир айнекчи 19 терезеге, экинчиси 13 терезеге айнек салды. Биринчи айнекчи экинчисине караганда канчага көп терезеге айнек салган?

**4.** Мисалдарды мамыча түрүндө жазып эсепте.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 52 – 24 | 48 + 32 | 56 – 31 | 29 + 32 |
| 67 + 23 | 69 – 29 | 48 + 22 | 84 – 63 |

**5.** Төмөнкү ар бир фигурада канчадан эсеп таякчасы иштетилген?





**6.** Түшүп калган сандарды кой <u>64 = 32 + 32</u>:

48 = 24 + □□ 26 = □□ + 13 68 = □□ + 34

96 = 48 + □□ 22 = □□ + 11 50 = □□ + 25

## КВАДРАТ

**1.** Ар бир фигуранын атын айт:






Бул фигура — квадрат.
Бардык жактары бири-бирине барабар болгон тик бурчтук **квадрат** деп аталат.
Квадраттын төрт чокусу, төрт бурчу жана төрт жагы бар.

**2.** Ушундай квадрат чийи жана анын периметрин тап:



**3.**

| | | |
|---|---|---|
| 39 + 1 | 86 – 34 | 9 + 4 |
| 56 – 6 | 42 + 8 | 8 + 3 |
| 23 + 7 | 74 + 6 | 7 + 5 |

**4.** Цирктеги тамашада 9 ат жана 8 ит катышты. Тамашада бардыгы болуп канча үй жаныбарлары катышкан?

**5.** Мисалдарды ыңгайлуу усул менен эсепте:

1) <u>1</u> + 2 + 3 + 4 + 5 + 6 + 7 + 8 + <u>9</u>;

Үлгү: 1 + 9 = 10

2) <u>2</u> + 4 + 6 + 8 + 10 + 12 + 14 + 16 + <u>18</u>;

Үлгү: 2 + 18 = 20

**6.** Фермер чарбасында эртең менен бир уйдан 16 л, экинчи уйдан ага караганда 4 л ге көп сүт саап алынды. Эки уйдан канча литр сүт саап алынган?

**7.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 40 + 27 | 76 + 13 | 38 – 30 | (8 + 7) – 5 |
| 57 + 22 | 22 + 13 | 29 – 20 | (9 + 8) + 3 |
| 23 + 17 | 64 – 21 | 16 + 14 | (7 + 7) – 4 |

**1.** Жагы 4 см болгон квадрат чий. Ал аркылуу дагы бир кесинди жүргүзгөнүңдө, эки тик бурчтук алынсын.

**2.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:

$\begin{array}{r} 54 \\ +\,16 \\ \hline \end{array}$ $\quad$ $\begin{array}{r} 83 \\ -\,42 \\ \hline \end{array}$ $\quad$ $\begin{array}{r} 32 \\ +\,29 \\ \hline \end{array}$ $\quad$ $\begin{array}{r} 78 \\ -\,23 \\ \hline \end{array}$ $\quad$ $\begin{array}{r} 64 \\ +\,25 \\ \hline \end{array}$

**3.** Үч идиште 100 литр бензин бар. Биринчи идиште 40 литр, ал эми экинчи идиште 35 литр бензин болсо, анда үчүнчү идиште канча литр бензин бар?

**4.** Кыска жазуу боюнча маселе түз жана аны чыгар:

Бар болчу – 20 кг бий алма
Сатылды – 10 кг бий алма
Калды – ? кг бий алма.



**5.** Ойлоп тап!




**6.** Кашааларды койгонуңда, натыйжа берилген санга барабар болсун:

50+30+9=89 | 8+2+40=50 | 70–30+6=46

**7.** Азык-түлүк дүкөнүнө 29 куту конфет жана печенье алып келишти. Конфеттер 20 куту болсо, анда канча куту печенье алып келишкен?

## КОШУУ ЖАНА КЕМИТҮҮ АМАЛДАРЫНЫН КУРАМДЫК БӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА НАТЫЙЖАЛАРЫ ОРТОСУНДАГЫ ӨЗ АРА БАЙЛАНЫШ

**1.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:

| | | |
|---|---|---|
| 80–(20+30) | (60+40)–50 | (43+27)+9 |
| 70–(30+30) | (60–40)+40 | (96–34)+8 |

**Үлгү:** (50+30)–20=60

$$\begin{array}{r} 50 \\ +\ 30 \\ \hline 80 \end{array} \qquad \begin{array}{r} 80 \\ -\ 20 \\ \hline 60 \end{array}$$

**2.** Санды койгонуңда, барабардык туура болсун:

| | | |
|---|---|---|
| 28 – □ = 20 | 34 + □ = 40 | 75 – □ = 70 |
| 67 + □ = 70 | 89 – □ = 80 | 83 + □ = 90 |
| 43 + □ = 50 | 98 – □ = 90 | 38 + □ = 40 |

**3.** Кыска жазуу боюнча маселе түз жана аны чыгар:

1) Бар болчу — 58 кг картөшкө
   Иштетилди — 18 кг картөшкө
   Калды — ? кг картөшкө
2) Бар болчу — 58 кг картөшкө
   Иштетилди — ? кг картөшкө
   Калды — 40 кг картөшкө

**4.** Сүрөттүн негизинде маселе түз жана аны чыгар:




Терек дарагы кайың дарагынан канча метр бийик?
Кайрагач кайың дарагынан канча метрге төмөн?
Кайың дарагы кайрагачтан канча метрге бийик?

**5.** Фигураларды дептериңе чий жана боё:





**6.** Балдар балатыга 28 кызыл жана 24 көк шарчалар илишти. Илинген кызыл шарчалар көк шарчалардан канчага көп?

**7.** Мисалдарды текшерүү менен чыгар:

$$\begin{array}{r}+\begin{array}{r}57\\23\\\hline\end{array}\end{array}\quad \begin{array}{r}-\begin{array}{r}84\\32\\\hline\end{array}\end{array}\quad \begin{array}{r}+\begin{array}{r}36\\24\\\hline\end{array}\end{array}\quad \begin{array}{r}-\begin{array}{r}95\\64\\\hline\end{array}\end{array}\quad \begin{array}{r}+\begin{array}{r}64\\36\\\hline\end{array}\end{array}$$

**1.** Бир түрмөк кездемеден костюмга 30 м, шымга 24 м, кемсел тигүүгө костюм менен шым үчүн канча кездеме кеткен болсо, ошондон 34 м ге аз кездеме иштетилди. Кемсел тигүү үчүн канча кездеме иштетилген?

Маселени план боюнча чыгар:

1) Костюм менен шымга канча кездеме кеткен?
$30+24=\square\square$ (метр кездеме)

2) Кемсел тигүү үчүн канча кездеме кеткен?
$54-34=\square\square$ (метр кездеме)

**2.** Жадыбалдан жообу бирдей болгон мисалдарды тап:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 57+8 | 50–24 | 14+12 | 98–33 |
| 89–54 | 29+9 | 67–29 | 40+38 |
| 28+24 | 87–9 | 28+6 | 78–26 |

**3.** Мисалдарды үлгүдө көрсөтүлгөндөй аткар:

$57+24-35=46$

$$\begin{array}{r}+\begin{array}{r}57\\24\\\hline 81\end{array}\end{array}\qquad \begin{array}{r}-\begin{array}{r}81\\35\\\hline 46\end{array}\end{array}$$

| | | |
|---|---|---|
| 47+12–25 | 90–55+14 | 68+13–35 |
| 68–12+10 | 80–37+17 | 57+13–23 |

**4.** 42 – 15 □ 57 – 26        53 + 37 □ 80 – 30
29 + 32 □ 90 – 50        64 + 25 □ 47 – 26

**5.** Бир мамычага сандардын суммасын, экинчи мамычага сандардын айырмасын жаз. Бул сандуу туюнтмалардын маанисин тап.
75 + 15, 64 + 26, 88 – 27, 57 – 26, 32 + 29, 50 – 24.

**6.** Түрмөктө 42 м зым бар болчу. Бир иш күнүндө зымдан бир нече метр алынды жана түрмөктө 14 м зым калды. Түрмөктөн канча метр зым алынган?

**7.** Мисалдарды чыгар:

$$\begin{array}{r}+\begin{array}{r}48\\32\end{array}\end{array}\quad \begin{array}{r}-\begin{array}{r}79\\37\end{array}\end{array}\quad \begin{array}{r}+\begin{array}{r}53\\27\end{array}\end{array}\quad \begin{array}{r}-\begin{array}{r}46\\35\end{array}\end{array}\quad \begin{array}{r}+\begin{array}{r}59\\21\end{array}\end{array}$$

## САНДУУ ТУЮНТМАЛАР. ТЕҢДЕМЕЛЕР. ГЕОМЕТРИЯЛЫК ФИГУРАЛАР ЖАНА ЧОҢДУКТАР

**1.**

35 + 4        48 – 5

Булар **сандуу туюнтма** же **туюнтма** деп аталат.
Туюнтмада көрсөтүлгөн амалдардын натыйжасына **туюнтманын мааниси** дейилет.

35 + 4 = 39   35 менен 4 санынын суммасы 39 га барабар.
35 + 4   **туюнтма**, 39 **туюнтманын маанисин.**

**2.** Туюнтмаларды эсепте:
36 жана 4, 48 жана 30, 37 жана 48 дин суммасы;
42 жана 2, 57 жана 50, 95 жана 5 тин айырмасы.

**3.** Бакка 70 түп көчөт тигилди. Алардан 40 түбү гилас, 20 түбү хурма, калгандары болсо чие көчөтү. Бакка канча түп чие көчөтү тигилген?

**4.** Жадыбал негизинде маселе түз жана аны чыгар:

| Бар болчу | Иштетилди | Калды |
|---|---|---|
|   8 кг жана 6 кг | 5 кг | ? кг |

8+6, 8–6, (8+6)–5 туюнтмаларынын маанисин эсептеп эмнени табууга болот?

**5.** Фигураларды дептериңе чий. Ар бир фигурада канчадан үч бурчтук жана канчадан квадрат бар?



**6.** Мисалдарды чыгар:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 58 – 4 | 47 + 2 | 60 – 3 | 36 + 4 |
| 58 – 40 | 47 + 20 | 60 – 30 | 36 + 40 |

**7.** Биринчи жамаат чарбасы 15 жаңы трактор, ал эми экинчиси болсо андан 4 кө көп трактор сатып алды. Экинчи жамаат чарбасы канча жаңы трактор сатып алган?

**1.** Жадыбал негизинде маселе түз жана аны чыгар:

| Бар болчу | Иштетилди | Калды |
|---|---|---|
|  30 кг картөшкө | эртең менен — 4 кг<br>түштө — 5 кг | ? кг |

**2.** Эсепте:

1) 10 санынан 7 жана 2 сандарынын суммасын кемит:

$$10 \overset{2}{-} (7 \overset{1}{+} 2)$$

> Кашаалуу туюнтмаларда адегенде кашаанын ичиндеги амалдар аткарылат.

2) 10 – 7 – 2 көрүнүшүндөгү мисалдарды чыгарууда амалдар удаалаш аткарылат: 10 – 7 – 2 = 1.

**3.** Түшүндүрүп чыгар:

| | | |
|---|---|---|
| $10 \overset{2}{-} (5 \overset{1}{+} 3)$ | 10 – (6 + 3) | 9 – (4 + 2) |
| 10 – 5 – 3 | 10 – 6 – 3 | 9 – 4–2 |

**4.** Анварда 10 жаңгак бар болчу. Ал 7 өөсүн инисине берди, 2 өөсүн чагып жеди. Анварда канча жаңгак калды?

I усул.

1) 7 + 2 = □ жаңгак желди.

2) 10 – 9 = □ жаңгак калды.



II усул.

10 – 7 – 2 = 3 – 2 = 1 жаңгак калды.



Жообу: Анварда 1 жаңгак калды.

**5.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:

| | | |
|---|---|---|
| 20 – (6 + 3) | 40 – (7 + 2) | 50 – (5 + 4) |

**6.** Балдар бакчасынын ашканасында 20 кг күрүч бар болчу. Эртең менен 4 кг, түштө да ошончо күрүч иштетилди. Канча килограмм күрүч калган?

**7.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 19 + 1 | 26 + 4 | 45 + 3 | (9 + 6) + 5 |
| 56 + 3 | 87 + 3 | 38 + 2 | (8 + 9) + 3 |

## БИР НЕЧЕ БАРАБАР (БИРДЕЙ) КОШУЛУУЧУЛАРДЫН СУММАСЫ. САНДЫ БИР НЕЧЕ БАРАБАР КОШУЛУУЧУЛАР СУММАСЫ КӨРҮНҮШҮНДӨ ТУЮНТУУ

**1.** Ар бир санды бирдей кошулуучунун суммасына алмаштыр:

Үлгү: $8 = 4 + 4$

| | | |
|---|---|---|
| 10 = 5 + 5 | 14 = 7 + 7 | 18 = 9 + 9 |
| 12 = 6 + 6 | 16 = 8 + 8 | 20 = 10 + 10 |

**2.** Үч кашарда 70 кой бар. Биринчи кашарда 30, ал эми экинчи кашарда 20 кой бар. Үчүнчү кашарда канча кой бар?

Чыгаруу: 1) 30 + 20 = □□ 1- жана 2-кашардагы кой;

2) 70 – 50 = □□ 3-кашардагы кой.

**3.** Түшүп калган сандарды кой: $28 = 14 + 14$.

| | | |
|---|---|---|
| 64 = 32 + □□ | 88 = 44 + □□ | 26 = 13 + □□ |
| 48 = 24 + □□ | 66 = 33 + □□ | 44 = 22 + □□ |

**4.** Жадыбал негизинде маселе түз жана аны чыгар:

| Бар болчу | Иштетилди | Калды |
|---|---|---|
|  25 кг жана 22 кг | 27 кг мык | ? кг |

**5.** Эки кошуна кошулуучуну алардын суммасы менен алмаштырып, ыңгайлуу усул менен эсепте:

| | | |
|---|---|---|
| 7 + 8 + 2 | 2 + 14 + 6 | 40 + 20 + 6 |
| 6 + 9 + 1 | 13 + 7 + 4 | 30 + 50 + 8 |

**6.** «Afrosiyob» поездинин бир вагонунда 72 жүргүнчү бар. Алардын 34 үн эркектер, ал эми калгандарын аялдар түзөт. Ошол вагондо канча аял бар?

**7.**

| | | |
|---|---|---|
| (90 – 30) + 10 | 80 – (20 + 30) | (80 – 40) – 40 |
| (40 + 40) – 20 | 70 – (30 + 30) | (60 – 20) + 10 |

## ЖӨНӨКӨЙ ЖАНА КУРАМДУУ МАСЕЛЕЛЕРДИ ЧЫГАРУУ

**1.** Керим 5, байкеси 7, атасы 13 балык кармады. Атасы Керимден канчага көп балык кармаган? Төмөнкү туюнтмалар эмнени билдирет?

7 + 5 | 7 – 5 | 13 – 7 | 13 – 5 | 5 + 7 + 13

**2.** Жадыбалдан жообу бирдей болгон мисалдарды тап:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 45 + 23 | 90–64 | 64+ 26 | 42 – 15 |
| 50 – 24 | 75 + 15 | 87 + 13 | 76 + 24 |
| 27 + 3 | 38 – 8 | 39 + 29 | 62 – 35 |

**3.** Кыска жазуу боюнча маселе түз жана аны чыгар:

1-машинада — 56 кап пияз
2-машинада — ?, 16 капка аз пияз } ? кап

**4.**

| | |
|---|---|
| 75 см + 25 см | 67 дм – 26 дм |
| 89 дм – 39 дм | 45 см + 35 см |

**5.** Канча жуп чайнек бар? Бардык чайнектер канча?



**6.** Дүкөндө 8 ящик апельсин жана 7 ящик лимон бар болчу. Дагы бир нече ящик хурма алып келишкенден кийин 25 ящик мөмө болду. Канча ящик хурма алып келишкен?

**7.** Мисалдарды чыгар:

| | | |
|---|---|---|
| $(34+14)-5$ | $(40-30)+8$ | $20+(30-20)$ |
| $(28-18)+9$ | $(60+20)+2$ | $60-(20+10)$ |

## ТАМГАЛУУ ТУЮНТМАЛАР

**1.**




Бабур көрсөтүп жаткан туюнтмадагы бош чакмактын ордуна Нафиса, Гүлбахар, Анвар жана Улугбектердин колундагы цифраларды коюп, туюнтма түз жана алардын маанилерин тап. Мисалы: $3+5=8$.

«Чакмакка» башка сандарды кой жана алынган туюнтмалардын маанисин эсепте:

□ + 8    □ + 9    15 – □    □ + 16

Математикада «чакмактардын» ордуна кичине латин тамгалары коюлат. Алардын окулушу жана жазылышы төмөнкүдөй:

Мисалы: ***a*** тамгасы **«а»** деп, ***b*** тамгасы **«бе»** деп, ***k*** тамгасы **«ка»** деп окулат.

Демек, $a = 9$, $a = 8$ болсо, $a + 7$ же $7 + a$ туюнтманын маанисин минтип табууга болот:

$9 + 7 = 16$ же $7 + 9 = 16$; $8 + 7 = 15$ же $7 + 8 = 15$.

Эгерде $a = 6$, $a = 8$, $a = 10$, $a = 12$ болсо, $a + 8$ туюнтманын маанисин тап:

Үлгү: $6 + 8 = 14$; $12 + 8 = 20$.

**2.**

| Алып келишти | Ремонттолду |
|---|---|
| 43 машина | 1-күнү — 20 машина<br>2-күнү —12 машина |

Дагы канча машина ремонттолууга тийиш?

Чыгаруу:

1) 20 + 12 = □□ ремонттолгон машина.

2) 43 – 32 = □□ ремонттолууга тийиш болгон машина.

**3.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 18 + 5 | 17 + 28 | 32 – 15 | 87 + 13 |
| 32 – 5 | 17 + 43 | 52 – 25 | 76 + 24 |

**4.** Туюнтма түз жана алардын маанилерин тап:

76 жана 4, 37 жана 53, 28 жана 5 тин суммасы; 42 жана 5, 32 жана 15, 38 жана 30 дун айырмасы.

**5.** Канча фигура бар экендигин тап:





**6.** Мектептеги саймачылык ийримине 58, ал эми музыка ийримине болсо 32 окуучу катышат. Эки ийримге бардыгы болуп канча окуучу катышып жатат?

**7.**

| | | |
|---|---|---|
| 77 – 65 | 23 + 45 | 84 – 72 |
| 32 + 14 | 86 – 34 | 61 + 15 |

**1.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:

$a + 49$ $91 - b$ көрүнүшүндөгү туюнтмалар

1)

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 8 | | | |
| | 2 | + | 49 | |
| | 4 | | | |
| | 6 | | | |

8 + 49 = ☐☐
2 + 49 = ☐☐
4 + 49 = ☐☐
6 + 49 = ☐☐

2)

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 91 | | 6 | |
| | 91 | – | 4 | |
| | 91 | | 3 | |
| | 91 | | 9 | |

91 – 6 = ☐☐
91 – 4 = ☐☐
91 – 3 = ☐☐
91 – 9 = ☐☐

**2.**

| $a$ | 38 | 46 | 27 | 28 | 39 | 37 | 49 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| $a + 7$ | | | | | | | |

Үлгү: $38 + 7 = 38 + (2 + 5) = (38 + 2) + 5 = 45$

| $b$ | 47 | 35 | 28 | 24 | 43 | 52 | 13 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| $56 - b$ | | | | | | | |

**3.** Көчөнүн оң жагында 35 үй, сол жагында андан 7 ге аз үй бар. Көчөнүн сол жагында канча үй бар? Мисалдын суроосун өзгөртүргөнүңдө, ал эки амал менен чыгарылгандай болсун.

**4.** 1) $a = 14$, $a = 8$, $a = 47$ болсо, $a + 8$ туюнтманын маанисин тап;
2) $b = 13$, $b = 18$, $b = 44$ болсо, $b - 6$ туюнтманын маанисин тап.

**5.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:




**6.** Туюнтмалар түз жана алардын маанисин тап:
1) 32 жана 14, 57 жана 23, 61 жана 15 тин суммасы;
2) 78 жана 36, 86 жана 34, 89 жана 64 түн айырмасы.

**7.** Кыска жазуу боюнча маселе түз жана аны чыгар:

1) Чакмак дептер – 32
   Сызыктуу дептер – ?, 14 кө аз

2) Чакмак дептер – 32
   Сызыктуу дептер – ?, 14 кө аз } ? дептер

**8.** Сүзүү мелдешинде 48, ал эми секирүү мелдешинде болсо 18 окуучу катышып жатат. Эки мелдеште бардыгы болуп канча окуучу катышып жатат?

## ГЕОМЕТРИЯЛЫК ФИГУРАЛАРДЫ БЕЛГИЛӨӨ

**1.** Узундугу 6 см, 8 см болгон эки кесинди чий жана аларды тамгалар менен белгиле.




Алардан бирин *AB*, экинчисин *CD* тамгалары менен белгилөөдө анын чокуларындагы чекиттерди *A* жана *B*, *C* жана *D* деп белгилөөгө болот. Андан кийин *AB* кесинди 6 см ге, *CD* кесинди 8 см ге барабар деп окулат.

Ар кандай кесинди эки башкы тамга менен белгиленет.

**2.** Тапшырманы аткар:

а) 3 өз алдынча үч бурчтук түзүү үчүн канча чий керек?

б) 2 өз алдынча квадрат түзүү үчүн канча чий керек?

**3.** Мисалдарды мамычага жазып, амалдарды аткар:

| | | |
|---|---|---|
| 52 + 37 | 79 – 28 | 33 + 16 |
| 95 – 52 | 76 + 24 | 57 – 36 |

**4.** Берилген сынык сызыктардын:

1) канча кесиндиден тургандыгын аныкта жана узундугун тап;

2) ар бир кесиндинин башталышын жана аягын тамгалар менен белгиле:




Үлгү:




**5.** Үйдөн мектепке чейин 75 кадам. Гүлназа мектепти карай 10 кадам жүргөндөн кийин китеби үйдө калганын эстеди. Китепти алгандан кийин, ал кайра мектепке кетти. Гүлназа бардыгы болуп канча кадам жол жүргөн?



**6.** 72 + 25 ☐ 25 + 75 87 + 13 ☐ 87 – 13
64 + 26 ☐ 26 + 64 68 – 17 ☐ 68 + 17

**7.** Ар бир фигуранын периметрин тап:







**8.** Эсепте:

| | |
|---|---|
| 30 см + 24 см | 80 дм – 54 дм |
| 60 дм – 20 дм | 50 см + 20 см |

## ТЕҢДЕМЕ. ТЕҢДЕМЕЛЕРДИ ТАНДОО УСУЛУ МЕНЕН ЧЫГАРУУ

**1.** $27 + x = 27$ көрүнүшүндөгү теңдемени чыгар.

*x* (икс) тамгасы менен табылууга тийиш болгон белгисиз сан белгиленет.

$27 + x = 27$ — **бул теңдеме**.

Теңдеме төмөнкүдөй чыгарылат: барабардык туура болушу үчүн *x* тин ордуна кандай санды коюу керектигин билип алуу керек. Бул сан 0, анткени 27 ге 0 дү кошкондо 27 алынат. Ошондо барабардык туура болгонун билүүгө болот.

Теңдеменин чыгарылышы мындайча жазылат:

| | |
|---|---|
| $27 + x = 27$ | Текшерүү: |
| $x = 27 - 27$ | $27 + 0 = 27$ |
| $x = 0$ | $27 = 27$ |

**2.** а) Суммадан белгилүү болгон кошулуучуну кемиткенде белгисиз кошулуучу алынышын түшүндүр:

$7+8=15$ $\qquad$ $15-7=8$ $\qquad$ $15-8=7$

б) Белгисиз кошулуучуну тап:

$\square+3=10$ $\qquad$ $9+\square=14$



$x+7=12$

**3.** Теңдемелерди чыгар жана натыйжаны текшер:

$35+x=70$ $\qquad$ $14+x=24$ $\qquad$ $25+x=50$

**4.** Жадыбалдан жообу бирдей болгон мисалдарды тап:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 87 + 13 | 78 + 22 | 48 + 32 | 35 + 25 |
| 75 + 15 | 90 – 10 | 67 + 33 | 20 + 20 |
| 53 + 37 | 64 + 26 | 90 – 50 | 78 – 18 |

**5.** Сүрөттөн пайдаланып: 4 + 7, 4 + 10, 7 – 4, 10 – 4, 10 – 7 туюнтмалары боюнча маселе түз жана аны чыгар:



4 кг



7 кг



10 кг

**6.** Автомобиль заводу биринчи күнү 47, экинчи күнү 3 кө көп машина иштеп чыгарды. Завод эки күндө канча машина иштеп чыгарган?

**7.** $50-23+17$ | $37+23-30$ | $87-64+23$
$40-18+12$ | $55+14-29$ | $95-52+13$

**1.** Теңдеменин чыгарылышын түшүндүр: $x+56=70$

$x+56=70$
$x=70-56$
$x=14$

Текшерүү:
$14+56=70$
$70=70$

Кошулуучулардан бири белгисиз болсо, суммадан белгилүү болгон кошулуучуну кемитүү керек.

Үлгү: $37+x=47$
$x=47-37$
$x=10$

Текшерүү:
$37+10=47$
$47=47$

**2.** Теңдемелерди чыгар жана натыйжаны текшер:

$x+8=12$ $46+x=90$ $x+9=29$

**3.** Жадыбал негизинде туюнтма түз жана аларды чыгар:

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кошулуучу | 47 | | 35 | 24 | 56 | | 64 |
| Кошулуучу | | 26 | | 31 | | 32 | |
| Сумма | 74 | 60 | 70 | | 80 | 61 | 90 |

**4.** Фигуралардын ар бириндe канча үч бурчтук, канча төрт бурчтук бар?



**5.** Туюнтмалар түз жана алардын маанисин тап:

| $a$ | 40 | 35 | 27 | 51 | 62 | 19 | 72 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| $a + 8$ | | | | | | | |

**6.** Багбан бир түп хурмадан 40 кг, экинчи түп хурмадан болсо бир нече килограмм түшүм алгандан кийин түшүм 87 кг болду. Багбан экинчи түптөн канча килограмм хурма алган?

**7.** Мисалдарды чыгар:

$$\begin{array}{r} 35 \\ +\,13 \\ \hline \end{array} \qquad \begin{array}{r} 50 \\ -\,16 \\ \hline \end{array} \qquad \begin{array}{r} 63 \\ +\,27 \\ \hline \end{array} \qquad \begin{array}{r} 47 \\ -\,16 \\ \hline \end{array} \qquad \begin{array}{r} 32 \\ +\,29 \\ \hline \end{array}$$

**1.** Теңдеменин чыгарылышын түшүндүр: $69 - x = 23$

$69 - x = 23$
$x = 69 - 23$
$x = 46$

Текшерүү:
$69 - 46 = 23$
$23 = 23$

Кемитүүчү белгисиз болсо, кемүүчүдөн айырманы кемитүү керек.

Үлгү: $57 - x = 17$
$x = 57 - 17$
$x = 40$

Текшерүү:
$57 - 40 = 17$
$17 = 17$

**2.** Автопаркта 49 автобус бар болчу. Алардан бир нечеси белгиленген багыттар боюнча жолго чыгып кеткенден кийин, 17 автобус калды. Автопарктан канча автобус багыттар боюнча жолго чыгып кеткен?

**3.** Жадыбал негизинде мисал түз жана аны чыгар:

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кемүүчү | 45 | | 59 | | 70 | 69 | 54 |
| Кемитүүчү | | 24 | | 12 | 56 | 17 | |
| Айырма | 40 | 41 | 43 | 17 | | | 27 |

**4.** Теңдемелерди чыгар жана натыйжаны текшер:

$68 - x = 37$ $\qquad$ $49 - x = 23$ $\qquad$ $76 - x = 42$

**5.** Кыска жазуунун негизинде маселе түз жана аны чыгар:

Бар болчу — 58 дептер
Сатылды — *x* дептер
Калды — 27 дептер

**6.** Эгерде $b = 7$, $b = 3$, $b = 9$ болсо, анда $90 - b$ туюнтманын маанисин тап.

**7.** $\begin{array}{r} 48 \\ +\,32 \\ \hline \end{array}$ $\qquad$ $\begin{array}{r} 65 \\ -\,14 \\ \hline \end{array}$ $\qquad$ $\begin{array}{r} 37 \\ +\,23 \\ \hline \end{array}$ $\qquad$ $\begin{array}{r} 79 \\ -\,55 \\ \hline \end{array}$ $\qquad$ $\begin{array}{r} 29 \\ +\,12 \\ \hline \end{array}$

**1.** Теңдеменин чыгарылышын түшүндүр: $x - 24 = 41$

$x - 24 = 41$
$x = 41 + 24$
$x = 65$

Текшерүү:
$65 - 24 = 41$
$41 = 41$

> Кемүүчү белгисиз болсо, аны табуу үчүн айырмага кемитүүчүнү кошуу керек.

**2.** Теңдемелерди чыгар:

$x - 7 = 12$ $\qquad$ $x - 8 = 9$ $\qquad$ $x - 9 = 50$

**3.** Дүкөнгө сатуу үчүн бир нече телевизор алып келишти. Кечке чейин 14 телевизор сатылып, 31 телевизор калды. Дүкөнгө баштап канча телевизор алып келишкен?

**4.** Мисалдарды үлгү боюнча аткар: $24=12+12$.

| | | |
|---|---|---|
| $22 = 11 + \square\square$ | $48 = 24 + \square\square$ | $66 = 33 + \square\square$ |
| $44 = 22 + \square\square$ | $64 = 32 + \square\square$ | $88 = 44 + \square\square$ |

**5.** Сүрөт боюнча маселе түз жана аны чыгар:



? кг 18 кг 14 кг

52 кг

**6.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:




**7.** Эки капта бардыгы болуп 38 кг кызылча бар. Эгерде биринчи капта 21 кг кызылча болсо, анда экинчи капта канча килограмм кызылча бар?

**8.** Теңдемелерди чыгар жана натыйжаны текшер:

| | | |
|---|---|---|
| $x - 14 = 31$ | $x - 21 = 42$ | $56 - x = 43$ |
| $69 - x = 43$ | $28 + x = 59$ | $x - 15 = 25$ |

# КӨБӨЙТҮҮ ЖАНА БӨЛҮҮ. ГЕОМЕТРИЯЛЫК ФИГУРАЛАР ЖАНА ЧОҢДУКТАР

## КӨБӨЙТҮҮ. КӨБӨЙТҮҮНҮН МААНИСИ




**1.** Бардык алмалар канча?



$$2 + 2 + 2 + 2 + 2 = 10$$

$$2 \cdot 5 = 10$$

2 ден 5 жолу алынса, 10 алынат же 2 ни 5 ке көбөйтүлсө, 10 болот.

Бирдей кошулуучуларды кошууга **көбөйтүү** дейилет. Бирдей кошулуучулардын суммасы $2 + 2 + 2 + 2 + 2 = 10$ көбөйтүндү көрүнүшүндө мындайча жазылат: $2 \cdot 5 = 10$.

Чекит (·) **көбөйтүү белгиси болуп саналат**.

Бул мисал мындайча окулат:

Экиден беш жолу алынса, он алынат же экини бешке көбөйткөндө он алынат.

**2.** 1) 5 тен 5 жолу алынса, 25 алынат же 5 ти 5 ке көбөйтүлсө, 25 болот:



$5 + 5 + 5 + 5 + 5 = 25$

$5 \cdot 5 = 25$

2)



$3 + 3 + 3 = \square$

$3 \cdot 3 = \square$



$4 + 4 + 4 + 4 = \square\square$

$4 \cdot 4 = \square\square$

**3.** Кошуу боюнча мисалдарды көбөйтүү боюнча мисалдарга алмаштыр:



$5 + 5 + 5 = \square\square$

$\square \cdot \square = \square\square$



$4 + 4 + 4 = 12$

$4 \cdot 3 = \square\square$



$6 + 6 + 6 + 6 = 24$

$6 \cdot 4 = \square\square$



$7 + 7 = \square\square$

$7 \cdot 2 = \square\square$

**4.** Көбөйтүү боюнча мисалдарды кошуу боюнча мисалдар менен алмаштыр:



$2 \cdot 4 = 8$

$2 + 2 + 2 + 2 =$ □



$6 \cdot 3 =$ □□

$6 + 6 + 6 =$ □□

**5.** Бир гүлдестеде 5 ромашка, экинчи гүлдестеде болсо андан 3 жолу көп ромашка бар. Экинчи гүлдестеде канча ромашка бар?

**6.** Кошуу боюнча мисалдарды көбөйтүү боюнча мисалдар менен алмаштыр:

Үлгү: $7 + 7 + 7 = 7 \cdot 3$

$7 + 7 + 7$ $\quad$ $8 + 8 + 8$ $\quad$ $9 + 9 + 9$

**7.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 18 – 9 | 9 + 9 | 13 + 5 | (60 + 6) – 4 |
| 13 – 4 | 8 + 7 | 15 + 4 | (50 + 8) + 2 |

**1.** Сүрөттүн негизинде көбөйтүү боюнча мисал түз жана аны кошуу менен алмаштыр:

1)



$5 \cdot 4 =$ □□ $\quad$ $5 + 5 + 5 + 5 =$ □□

2)



$5 \cdot 5 = 5 + 5 + 5 + 5 + 5$

**2.** Көбөйтүү боюнча мисалдарды кошуу боюнча мисалдарга алмаштыр:

Үлгү: $8 \cdot 3 = 8 + 8 + 8$

$8 \cdot 3$ $\quad$ $5 \cdot 7$ $\quad$ $4 \cdot 3$ $\quad$ $5 \cdot 6$

**3.** Мисалдарды үлгүнүн негизинде чыгар:

| | |
|---|---|
| 50 – (25 + 15) | (37 + 48) – 30 |
| (48 + 19) – 36 | (37 + 53) – 40 |

$(45 + 27) - 31 = 41$

$$\begin{array}{r} 45 \\ +\;27 \\ \hline 72 \end{array} \qquad \begin{array}{r} 72 \\ -\;31 \\ \hline 41 \end{array}$$

**4.** Мектептин багына тигүү үчүн 43 түп атыргүл, 23 түп ромашка алып келишти. Мектептин багына бардыгы болуп канча түп гүл алып келишкен?

**5.** Ар бир аквариумда 4 төн балык бар. 4 аквариумда канча балык бар?



**6.** Фигуралар эмнеси менен бири-биринен айырмаланат?




**7.** Бардык жөжөлөр канча? Чыгарууну кошуу жана көбөйтүү менен аткар:



**8.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 52 – 2 | 30 + 5 | 57 + 23 | 68 + 20 |
| 52 – 20 | 30 + 50 | 40 + 27 | 18 + 12 |

# КӨБӨЙТҮҮ АМАЛЫ КОМПОНЕНТТЕРИНИН АТАЛЫШЫ

**1.** Сүрөттүн негизинде мисал түз жана аны чыгар:



$5 \cdot 3 = \square\square$

Көбөйтүүнүн мүчөлөрүн эсте сакта:

| $5$ | $\cdot$ | $3$ | $=$ | $15$ |
|---|---|---|---|---|
| **Биринчи көбөйтүүчү** | | **Экинчи көбөйтүүчү** | | **Көбөйтүндү** |

Көбөйтүүнүн мүчөлөрү анын компоненттери болот.
5 менен 3 түн көбөйтүндүсү 15 ке барабар.
Көбөйтүлө турган сандарга **көбөйтүүчүлөр** дейилет.
Көбөйтүүдөн алынган сан **көбөйтүндү** деп аталат.

**2.** Мисалдарды чыгар:

$8 \cdot 2$   $9 \cdot 3$   $6 \cdot 4$   $3 \cdot 3$   $1 \cdot 8$

**3.** Көбөйтүү боюнча мисалдарды кошуу боюнча мисалдар менен алмаштыр.

Үлгү: $6 \cdot 5 = 6 + 6 + 6 + 6 + 6$

$4 \cdot 3$   $7 \cdot 2$   $5 \cdot 4$   $3 \cdot 5$

**4.** Маселелерди чыгар:

1) Ар бир автомобилде 5 тен адам болсо, анда эки автомобилде канча адам болот?

2) Ар бир вазада 6 анар болсо, анда төрт вазада канча анар болот?

**5.** Мисалдарды үлгү боюнча аткар: $3 \cdot 7 = 21$.

| | | |
|---|---|---|
| $2 \cdot 6 = \square\square$ | $5 \cdot 5 = \square\square$ | $6 \cdot 3 = \square\square$ |
| $2 \cdot 8 = \square\square$ | $4 \cdot 3 = \square\square$ | $7 \cdot 2 = \square\square$ |
| $2 \cdot 7 = \square\square$ | $4 \cdot 5 = \square\square$ | $6 \cdot 5 = \square\square$ |

**6.** Эсепте:




**7.** 1) Биринчи көбөйтүүчү 4, экинчи көбөйтүүчү 3. Көбөйтүндүнү тап;

2) 8 менен 2, 9 менен 3, 5 менен 4 сандарынын көбөйтүндүсүн жаз жана эсепте.

**8.** Мисалдарды мамычага жаз, натыйжаны эсепте:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 72 + 21 | 56 – 25 | 43 + 27 | 49 – 27 |
| 68 – 30 | 58 + 21 | 96 – 36 | 35 + 14 |

## АМАЛ КОМПОНЕНТТЕРИ ЖАНА НАТЫЙЖАЛАРЫ ОРТОСУНДА ӨЗ АРА БАЙЛАНЫШТАР

**1.** Кошуу боюнча мисалдарды көбөйтүү боюнча мисалдар менен алмаштыр:

Үлгү: 2 + 2 + 2 + 2 + 2 = 2 · 5 = 10

3 + 3 + 3 + 3 + 3    5 + 5 + 5    6 + 6 + 6 + 6

**2.** Мисалдарды үлгүдө көрсөтүлгөндөй чыгар:

58 + 23 – 55 = □□

$$\begin{array}{r} 58 \\ +\,23 \\ \hline 81 \end{array} \qquad \begin{array}{r} 81 \\ -\,55 \\ \hline 26 \end{array}$$

| | |
|---|---|
| 60+17–51 | 46–16+15 |
| 87–64+23 | 77+13–29 |
| 27+23–30 | 74+26–40 |

**3.** Мисалдардын жообун тап:




**4.** Класстык бөлмөнүн 3 терезеси бар. Ар бир терезеде 3 төн ваза турат. Терезелердеги бардык вазалар канча?

**5.** Тик бурчту тап:




**6.** Автобуста 37 жүргүнчү бар болчу. Автобус аялдамасында 4 жүргүнчү түшүп, автобуска 7 жүргүнчү чыкты. Автобустагы жүргүнчүлөрдүн саны канча болду?



**7.**

| | | |
|---|---|---|
| $70-46+27$ | $97-64+19$ | $72-34+17$ |
| $50-13+18$ | $40-13+27$ | $35+15-26$ |

# БӨЛҮҮ. БӨЛҮҮ АМАЛЫНЫН МААНИСИ

**1.** 1) 8 тотукуш 4 капаска тең кылып бөлүп салынды. Ар бир капаска канчадан тотукуш салынган?



Чыгаруу: 8 : 4=2 ден тотукуш.
Жообу: Ар бир капаска 2 ден тотукуш салынган.
2) 8 тотукуш ар бир капаска 2 ден салынды. Канча капас керек болгон?
Чыгаруу: 8:2=4 капас.
Жообу: 8 тотукуш үчүн 4 капас керек.

Нерселерди тең бөлүп коюу **бөлүү** деп аталат. Эки чекит (**:**) — **бөлүүнүн белгиси**.
10:5=2 туюнтма мындайча окулат:
**10 менен 5 тин тийиндиси 2 ге барабар.**

**2.** Маселелерди чыгар жана аларды салыштыр:
1) 10 конфет 5 тен кылып талиңкелерге салынды. Канча талиңке керек болгон?
2) 10 конфет 2 талиңкеге бирдейден кылып салынды. Ар бир талиңкеге канчадан конфет салынган?

**3.** Сүрөттөрдөн пайдаланып, маселени чыгар: Зоопарктагы 4 тыйын чычкандын ар бирине 2 ден жаңгак берилди. Тыйын чычкандарга бардыгы болуп канча жаңгак берилген?



**4.** Мисалдардын чыгарылышын түшүндүр.

| | | |
|---|---|---|
| 6 : 2 = □ | 8 : 2 = □ | 10 : 2 = □ |
| 6 : 3 = □ | 8 : 4 = □ | 10 : 5 = □ |

**5.** Жадыбалдан жообу бирдей болгон мисалдарды тап:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 90 – 50 | 57 + 32 | 87 + 13 | 52 – 24 |
| 67 + 3 | 36 + 4 | 50 + 39 | 38 + 32 |
| 75 – 50 | 55 – 30 | 64 – 36 | 76 + 24 |

**6.** Эки бала каналда киринишип жатат. Жээкке чыгуу үчүн балдардын бири 20 м сүзүүгө тийиш, ал эми экинчи бала ага караганда 7 м ге аз сүзүүгө тийиш. Экинчи бала жээкке чыгуу үчүн канча метр сүзүүгө тийиш?

**7.**

| | | |
|---|---|---|
| 37–17+40 | 75+15–21 | 45–25+32 |
| 65–42+18 | 58+22–13 | 89+11–50 |

**1.** Сүрөттүн негизинде маселе түз жана аны чыгар:



$10:2=\square$ клубника.

Бөлүүдөгү сандар жана туюнтмалардын атын эсте сакта:

| **12** | **:** | **3** | **=** | **4** |
|---|---|---|---|---|
| **Бөлүнүүчү** | | **Бөлүүчү** | | **Тийинди** |

**2.**

| | | |
|---|---|---|
| $12:2=\square$ | $8:4=\square$ | $15:5=\square$ |
| $15:3=\square$ | $6:3=\square$ | $18:2=\square$ |

**3.** Эсеп таякчаларынан пайдаланып, тийиндини тап:
1) бөлүнүүчү 9, бөлүүчү 3, тийиндини тап;
2) бөлүнүүчү 14, бөлүүчү 2, тийиндини тап.

**4.** Мисалдардын жообун өсүп баруу тартибинде жаз. Кандай сөз алынды?




**5.** Кошууну мүмкүн болгон жерлерде көбөйтүү менен алмаштырып аткар:

| | | |
|---|---|---|
| $12+12+15$ | $3+3+3+3$ | $4+4+4$ |
| $7+7+7$ | $5+5+5+5$ | $6+6+6$ |

**6.** Мектеп спорт ийримине 12 кол тобун алып келишти. Алар үч звено ийрим катышуучуларына тең бөлүп берилди. Ар бир звеного канчадан кол тобу берилген?

**7.** Мисалдарды чыгар:

$$72 - 55 \qquad 54 + 13 \qquad 67 - 35 \qquad 36 + 25 \qquad 60 - 29$$

## ТЕҢ БӨЛҮКТӨРГӨ БӨЛҮҮ. БҮТҮНДҮН БӨЛҮГҮ

**1.** Сүрөттүн негизинде барабар бөлүктөргө бөлүү боюнча маселе түз жана аны чыгар:





**2.** 10 гүл 5 ден кылып вазаларга бөлүштүрүлдү. Бул гүлдөр үчүн канча ваза керек болгон?

**3.** $2 \cdot 2 = \square$ $\quad 3 \cdot 2 = \square$ $\quad 4 \cdot 2 = \square$ $\quad 5 \cdot 2 = \square$

$4 : 2 = \square$ $\quad 6 : 3 = \square$ $\quad 8 : 4 = \square$ $\quad 10 : 5 = \square$

**4.** Мектептин жандуулар бурчу үчүн 10 тотукуш алып келишти жана алар 5 тен кылып капастарга салынды. Бул тотукуштар үчүн канча капас керек болгон?

**5.**

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кемүүчү | 60 | 38 | 59 | 67 | 42 | 31 |
| Кемитүүчү | 34 | 30 | 26 | 16 | 15 | 14 |
| Айырма | | | | | | |

**6.** Ашканада 18 л пахта майы бар болчу. Аны эки бидонго тең кылып куюшту. Ар бир бидонго канча литрден пахта майы куюлган?

**7.**

| | | |
|---|---|---|
| 30 – (17 + 3) | (62 – 41) + 9 | 90 – (47 + 3) |
| 20 + ( 9 + 8) | (54 + 29) – 3 | (35 + 35) – 8 |

## КӨБӨЙТҮҮ ЖАНА БӨЛҮҮ АМАЛЫ МЕНЕН ЧЫГАРЫЛА ТУРГАН МАСЕЛЕЛЕР

**1.** Бир кутуда 6 калем бар. Төрт ушундай кутуда канча калем бар?




Маселени адегенде кошуу амалы менен чыгар, андан кийин кошуу боюнча мисалды көбөйтүү боюнча мисал менен алмаштыр.

**2.** Чакмактардын ордуна амал белгилерин койгонуңда, жазуулар туура болсун.

| | | |
|---|---|---|
| 38 □ 16 = 22 | 42 □ 25 = 67 | 76 □ 24 = 100 |
| 39 □ 31 = 70 | 69 □ 46 = 23 | 83 □ 17 = 100 |

**3.** Гүл дүкөнүнө 90 түп гүл көчөтүн алып келишти. Түшкө чейин 40 түп, түштөн кийин 30 түп гүл көчөтү сатылды. Сатуу үчүн дагы канча түп гүл көчөтү калган?

**4.**

| | | |
|---|---|---|
| 10 : 5 = □ | 9 : 3 = □ | 12 : 6 = □ |
| 8 : 2 = □ | 6 : 2 = □ | 14 : 7 = □ |

**5.** Маселелердин чыгарылышын жана жообун салыштыр:

1) 6 редиска бар болчу. Редисканы 3 тең бөлүккө бөлүштү жана боолап чыгышты. Ар бир боодо канчадан редиска бар?



Чыгарылышы: 6 : 3 = 2 редиска

Жообу: Ар бир боодо 2 ден редиска бар.

2) 6 редиска бар болчу. Редискаларды 3 төн кылып ажыратышты жана аларды боолашты. Канча боо редиска болду?



Чыгарылышы: 6 : 3 = 2 боо редиска

Жообу: 2 боо редиска бар.

**6.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:




**7.** Майрамга 20 шар сатып алышты. Шарлар 2 тең бөлүккө бөлүп боолонду. Ар бир боодо канчадан шар бар?

**8.** Мисалдарды чыгар:

| | | |
|---|---|---|
| 70 – (79 – 70) | 40 + (11 + 9) | (24 + 34) – 8 |
| 21 + (34 – 30) | 35 – (7 + 6) | (28 – 18) + 9 |

**1.** 1) 14 кг лимон бар болчу. Алар 2 себетчеге теңден салынды. Ар бир себетчеге канча килограммдан лимон салынган?

2) 18 шоколад талиңкелерге 6 дан тең бөлүп салып чыгылды. Канча талиңкеге шоколад салынган?

**2.** $10:2=\square$ | $14:2=\square$ | $8:2=\square$

$10:5=\square$ | $14:7=\square$ | $8:4=\square$

**3.** Бардык атыргүлдөр канча? Чыгарууну кошуу жана көбөйтүү менен аткар:



**4.** Теңдемелерди чыгар:

$27-x=15$ $\quad$ $x-15=25$ $\quad$ $17+x=39$

**5.** Жадыбалдан жообу бирдей болгон мисалдарды тап:

| | | | |
|---|---|---|---|
| $6\cdot 3$ | $8:4$ | $21:3$ | $12:4$ |
| $12:3$ | $2\cdot 2$ | $18:3$ | $15:5$ |
| $2\cdot 3$ | $14:7$ | $14:2$ | $9\cdot 2$ |

**6.** Амал белгилерин барабардыктар туура болгондой кылып кой:

$22\square 22=44$ | $33\square 33=66$ | $44\square 44=88$

$75\square 25=50$ | $50\square 25=25$ | $88\square 34=54$

**7.** Бир үйдө 15 күрпү бар болчу. Аларды 3 клеткага теңден бөлүп коюшту. Ар бир клеткага канчадан күрпү камалган?

# КӨБӨЙТҮҮ ЖАНА БӨЛҮҮ АМАЛДАРЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ КАТЫШ

**1.** Сүрөттүн негизинде берилген мисалдарды чыгар:



$2 \cdot 4 = 8$
$8 : 2 = 4$



$3 \cdot 4 = 12$
$12 : 3 = 4$

**2.** Сүрөттүн негизинде маселе түз жана аны чыгар:



$3 \cdot 2 = 6$
$6 : 3 = \square$



$5 \cdot 2 = 10$
$10 : 5 = \square$



$6 \cdot 2 = \square\square$
$12 : 6 = \square$

**3.** 1) 3 талиңкеде 2 ден хурма бар. Бардык хурмалар канча?

2) 2 талиңкеде 3 төн хурма бар. Бардык хурмалар канча?

**4.** Көбөйтүндүнү суммага алмаштыр:

Үлгү: $6 \cdot 4 = 6 + 6 + 6 + 6 = 24$

| | | | |
|---|---|---|---|
| $4 \cdot 5 = \square\square$ | $6 \cdot 8 = \square\square$ | $7 \cdot 2 = \square\square$ | $9 \cdot 3 = \square\square$ |
| $3 \cdot 5 = \square\square$ | $2 \cdot 6 = \square\square$ | $3 \cdot 7 = \square\square$ | $5 \cdot 6 = \square\square$ |

**5.** Төмөнкү фигуралардын периметрин өлчөп тап:







**6.** Талаадан бир машинада 37 кап, экинчи машинада биринчидегиге караганда 8 капка көп, ал эми үчүнчү машинада болсо экинчидегиден 5 капка аз картөшкө алып кетишти. Үчүнчү машинада канча кап картөшкө алып кетишкен?

**7.** Мисалдарды мамычага жаз жана аларды чыгар:

89 – 57    49 + 17    58 – 25

75 + 15    64 – 33    26 + 26

## МАСЕЛЕНИ ЖАДЫБАЛ УСУЛУНДА ЧЫГАРУУ

**1.** 1) Тигүүчү 6 кыздар көйнөгүн тикти. Ар бир көйнөккө 2 м ден атлас кездемеси сарпталды. Тигүүчү бардыгы болуп канча кездеме сарптаган?



| Бир көйнөккө сарпталган кездеме | Көйнөк-төрдүн саны | Бардык көйнөккө сарпталган кездеме |
|---|---|---|
| 2 м | 6 | ? |
| ? | 6 | 12 м |
| 2 м | ? | 12 м |

2) Эки өз ара тескери маселе түз жана аны чыгар.

**2.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:

$+\begin{array}{r}52\\29\end{array}$ $-\begin{array}{r}73\\21\end{array}$ $+\begin{array}{r}48\\37\end{array}$ $-\begin{array}{r}87\\56\end{array}$ $+\begin{array}{r}32\\46\end{array}$

**3.** Маселелердин чыгарылыштарын салыштыр:

1) 18 дептер 3 окуучуга тең бөлүп берилди. Ар бир окуучу канчадан дептер алган?

2) 18 дептер окуучуларга 3 төн бөлүп берилди. Канча окуучу дептер алган?

**4.** Амал белгилерин барабардыктар туура болгондой кылып кой:

30☐17 = 47 | 48☐26 = 22 | 86☐86 = 0
75☐24 = 51 | 57☐31 = 88 | 29☐0 = 29

**5.** Жадыбал боюнча туюнтма түз жана чыгар:

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кошулуучу | 67 | 55 | 19 | 38 | 53 | 84 |
| Кошулуучу | 3 | 14 | 21 | 5 | 27 | 16 |
| Сумма | | | | | | |

**6.** Дүкөндө 48 люстра бар болчу. Түшкө чейин 20, түштөн кийин 16 люстра сатылды. Дүкөндө канча люстра калды?

**7.** Мисалдарды чыгар:

$-\begin{array}{r}88\\53\end{array}$ $+\begin{array}{r}61\\24\end{array}$ $-\begin{array}{r}56\\23\end{array}$ $+\begin{array}{r}34\\15\end{array}$ $-\begin{array}{r}95\\24\end{array}$

**8.** Арча дарагынын бийиктиги 9 м, ал эми теректин бийиктиги андан 5 м ге бийик. Теректин бийиктигин тап.

# БЕЛГИСИЗ КӨБӨЙТҮҮЧҮНҮ ТАБУУ

**1.** 1) $6 \cdot 3 = 18$

$18 : 6 = 3$

$18 : 3 = 6$



6 менен 3 – көбөйтүүчүлөр; 18 – бул көбөйтүндү;

2) $2 \cdot 4 = 8$

$8 : 2 = 4$

$8 : 4 = 2$



> Эки сандын көбөйтүндүсү көбөйтүүчүлөрдөн бирине бөлүнсө, экинчи көбөйтүүчү алынат.

**2.**

| $3 \cdot 6 = 18$ | $3 \cdot 4 = 12$ | $8 \cdot 2 = 16$ |
|---|---|---|
| $18 : 3 = \square$ | $12 : 3 = \square$ | $16 : 8 = \square$ |
| $18 : 6 = \square$ | $12 : 4 = \square$ | $16 : 2 = \square$ |

Биринчи көбөйтүүчү кандай алынды?
Экинчи көбөйтүүчү кандай алынды?

**3.** Маселелердин чыгарылышын салыштыр:

1) Бидондордун ар бирине 6 кг дан бал куюлган. 2 бидонго канча бал куюлган?

2) Бидондун бирине 6 кг, экинчисине 2 кг бал куюлган. Экеи бидондо болуп канча килограмм бал бар?

Эмне үчүн биринчи масele көбөйтүү амалы менен, ал эми экинчи маселе кошуу менен чыгарылышын түшүндүр.

**4.** Түшүп калган сандарды ордуна коюп жаз:

| | | |
|---|---|---|
| $8 \cdot 3 = 3 \cdot 8$ | $5 \cdot 6 = \square \cdot 5$ | $2 \cdot 7 = \square \cdot 2$ |
| $7 \cdot 2 = 2 \cdot \square$ | $6 \cdot 4 = 4 \cdot \square$ | $4 \cdot 5 = 5 \cdot \square$ |

**5.** Чийменин негизинде маселе түз жана аны чыгар:




**6.** Ар бир талиңкеге 5 тен алма салынды. 6 талиңкеде канча алма болду?

**7.** Мисалдарды мамыча түрүндө жазып, амалдарды аткар:

| | | |
|---|---|---|
| 45 + 13 | 62 – 14 | 55 + 28 |
| 60 – 24 | 54 + 36 | 97 – 52 |

**8.** Бир үй-бүлө 40 коён багып жатат. Алардын 16 сы кара, 18 и ак, ал эми калгандары боз. Боз коёндор канча?

**1.** Теңдемелерди түшүндүрүп чыгар:
Белгисиз көбөйтүүчүнү «$x$» деп алабыз.



Үлгү:

$2 \cdot x = 8$
$x = 8 : 2$
$x = 4$

$2 \cdot 4 = 8$

$2 \cdot x = 10$ $\quad$ $x \cdot 5 = 15$ $\quad$ $3 \cdot x = 9$

Көбөйтүүчүлөрдөн бири белгисиз болсо, көбөйтүндүнү белгилүү болгон көбөйтүүчүгө бөлүү керек.

**2.** Шкафта 16 пияла бар болчу. Шкафтан бир нече пияла алынгандан кийин анда 6 пияла калды. Шкафтан канча пияла алынган?




**3.**

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Көбөйтүүчү | 2 | | 5 | 2 | 7 | |
| Көбөйтүүчү | 2 | 4 | 2 | | 2 | 2 |
| Көбөйтүндү | | 8 | | 10 | | 14 |

**4.** Мисалдарды үлгүдө көрсөтүлгөндөй чыгар:

62 – 34 □ 62 – 30

28 < 32

$$\begin{array}{r} 62 \\ -\ 34 \\ \hline 28 \end{array} \qquad \begin{array}{r} 62 \\ -\ 30 \\ \hline 32 \end{array}$$

90 – 24 □ 80 – 24

87 + 13 □ 13 + 87

64 – 30 □ 42 + 30

47 + 53 □ 57 – 43

**5.** Кутуда 40 жөнөкөй жана түстүү калем бар болчу. Алардан 28 и түстүү калем болсо, анда жөнөкөй калемдер канча болгон?

**6.** Феруза 18 түстүү калемди 6 дан кылып кутуларга жайлаштырды. Бардык калемдер үчүн канча куту керек?

**7.**

$$\begin{array}{r} 67 \\ +\ 14 \\ \hline \end{array} \qquad \begin{array}{r} 62 \\ -\ 45 \\ \hline \end{array} \qquad \begin{array}{r} 56 \\ +\ 35 \\ \hline \end{array} \qquad \begin{array}{r} 80 \\ -\ 29 \\ \hline \end{array} \qquad \begin{array}{r} 53 \\ +\ 47 \\ \hline \end{array}$$

# БЕЛГИСИЗ БӨЛҮНҮҮЧҮНҮ ТАБУУ

**1.** Мисалдардын чыгарылышын түшүндүр:





$\underline{8 : 2 = 4}$
$8 : 4 = 2$
$4 \cdot 2 = 8$

$\underline{6 : 2 = 3}$
$6 : 3 = 2$
$3 \cdot 2 = 6$

Бөлүнүүчү тийиндиге бөлүнсө, анда бөлүүчү алынат
Бөлүүчү тийиндиге көбөйтүлсө, анда бөлүнүүчү алынат.

**2.** Теңдемелерди чыгар:

| | | |
|---|---|---|
| $3 \cdot x = 9$ | $x \cdot 5 = 10$ | $2 \cdot x = 16$ |
| $x \cdot 3 = 9$ | $5 \cdot x = 10$ | $x \cdot 2 = 16$ |

**3.** Маселелерди чыгар:

1) Жасур 10 канарейка сатып алды жана аларды 5 капаска теңден салды. Ар бир капаска канчадан канарейка салынган?

2) 10 канарейка алып келишти. Аларды ар бир капаска 2 ден салышты. Канарейкалар үчүн канча капас керек болгон?

**4.** 12 : 2 = □    10 : 5 = □    14 : 2 = □    16 : 2 = □
18 : 3 = □    10 : 2 = □    14 : 7 = □    15 : 3 = □

**5.** Жадыбал боюнча берилген маселени чыгар:
1) Насиба ар бир банкада 3 кг дан 4 банкага бал куйду. Бардыгы болуп канча килограмм бал болгон?




| Бир банкадагы бал | Банкалардын саны | Бардык банкалардагы бал |
|---|---|---|
| 3 кг | 4 | ? кг |
| ? кг | 4 | 12 кг |
| 3 кг | ? | 12 кг |

2) Эки өз ара тескери маселе түз жана аларды салыштыр.

**6.** Туюнтманы жаз жана анын маанисин тап:
26 менен 34 түн суммасынан 17 ни кемит;
54 менен 24 түн айырмасына 10 ду кош.

**7.** Мисалдарды мамыча түрүндө жазып, чыгар:

| | | |
|---|---|---|
| 54 – 24 | 67 + 13 | 51 – 28 |
| 62 + 17 | 52 – 14 | 74 + 16 |

**8.** Маселелерди чыгар:

1) Ар бир талиңкеде 9 дан жумуртка бар. Эки талиңкеде канча жумуртка бар?

2) Ар бир себетчеде 8 ден лимон бар. Беш себетчеде канча лимон бар?

# МИЛЛИМЕТР

**1.** Дециметр жана сантиметрден кичине узундук чен бирдиги – **миллиметр** да бар. Сызгычтагы ар бир сызык миллиметрди билдирет.




Сызгычта бир сантиметрди көрсөт. Ал канча барабар бөлүккө бөлүнгөн? Ар бир бөлүк бир миллиметрге барабар. **1 см 10 миллиметрге** барабар:

**1 см = 10 мм**

**2.** Калемдин узундугун өлчө;




Калемдин узундугу □ см □ мм ге барабар.

**3.** *AB, CD* кесиндилеринин узундуктары канча? Ар бир кесиндинин узундугун өлчө:




Үлгү: *AB* = 9 см 1 мм.



**4.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:

| $2\cdot5=10$ | $7\cdot2=14$ | $4\cdot5=20$ |
|---|---|---|
| $10:2=5$ | $14:7=\square$ | $20:4=\square$ |
| $10:5=2$ | $14:2=\square$ | $20:5=\square$ |

**5.** Төмөнкү фигуралардын ар бир жагынын узундугун өлчө:




Үлгү: $AB$ = 2 см 4 мм.

**6.** Сейил багына 29 түп кайың, 20 түп мажүрүм тал көчөттөрү тигилди. Кайың менен мажүрүм тал биргеликте канча болсо, ошондон 9 түпкө аз арча көчөтү тигилди. Сейил бакка канча түп арча көчөтү тигилген?

**7.** 53 см + 27 см 69 дм – 29 дм
98 дм – 48 дм 75 см + 25 см

## 0, 1, 10 САНДАРЫНЫН КАТЫШУУСУНДА КӨБӨЙТҮҮ ЖАНА БӨЛҮҮ

**1.** $\mathbf{1\cdot a=a}$ $\mathbf{a\cdot1=a}$

$1\cdot4=1+1+1+1=4$ $1\cdot4=4$

$1\cdot7=1+1+1+1+1+1+1=7$ $4\cdot1=4$

1 каалагандай санга көбөйтүлсө, ошол сандын өзү алынат. Каалагандай сан 1 ге көбөйтүлсө, ошол сандын өзү алынат.

**$0 \cdot a = 0$** **$a \cdot 0 = 0$**

$0 \cdot 4 = 0 + 0 + 0 + 0 = 0$ $4 \cdot 0 = 0$

$0 \cdot 7 = 0 + 0 + 0 + 0 + 0 + 0 + 0 = 0$ $7 \cdot 0 = 0$

Нөлдү каалагандай санга көбөйтүрсө, нөл алынат. Каалагандай сан нөлгө көбөйтүлсө, нөл алынат.

**2.** 1) Көбөйтүндүнү сумма менен алмаштыр жана натыйжаны тап:

| | | | |
|---|---|---|---|
| $1 \cdot 6$ | $0 \cdot 2$ | $5 \cdot 1$ | $0 \cdot 5$ |
| $0 \cdot 3$ | $1 \cdot 8$ | $4 \cdot 0$ | $1 \cdot 9$ |

2) Сумманы көбөйтүндү менен алмаштыр:

$1 + 1 + 1 + 1 + 1 + 1 + 1 + 1 + 1 = 1 \cdot 9 = \square$

$0 + 0 + 0 + 0 + 0 + 0 = 0 \cdot 6 = \square$

**3.** Бир банкадагы өрүктүн ширеси 5 л. Эки банкадагы өрүктүн ширеси канча литр болот?

**4.** 1 менен 7 нин, 0 менен 6 нын, 1 менен 28 дин көбөйтүндүсүн тап.

**5.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:

| | | |
|---|---|---|
| $1 \cdot 2$ | $1 \cdot 13$ | $(43 - 42) \cdot 3$ |
| $0 \cdot 5$ | $1 \cdot 27$ | $(17 - 17) \cdot 6$ |
| $9 \cdot 1$ | $1 \cdot 82$ | $(35 - 34) \cdot 8$ |

**6.** Тигүүчү бир халатка 6 топчу кадады, ошондой халаттан 3 өөсүнө канча топчу кадаган?

**7.**

| | | |
|---|---|---|
| $(49 - 48) \cdot 9$ | $(38 - 37) \cdot 0$ | $1 \cdot 42$ |
| $(28 - 28) \cdot 5$ | $(53 - 52) \cdot 8$ | $0 \cdot 63$ |

**1.** **$a : 1 = a$** **$0 : a = 0$**

$4 : 1 = 4$ $0 \cdot 6 = 0$

$8 : 1 = 8$ $0 \cdot 19 = 0$

Ар кандай санды 1 ге бөлгөндө, ошол сандын өзү алынат. Нөлдү ар кандай санга бөлгөндө, нөл чыгат. Санды нөлгө бөлүүгө болбойт.

~~**$a : 0$**~~

**2.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:

| | | |
|---|---|---|
| $1 \cdot 9 = 9$ | $1 \cdot 24 = 24$ | $1 \cdot 68 = 68$ |
| $9 : 1 = 9$ | $24 : 1 = \square\square$ | $68 : 1 = \square\square$ |
| $9 : 9 = 1$ | $24 : 24 = \square$ | $68 : 68 = \square$ |

Каалагандай санды өзүн-өзүнө бөлгөндө, 1 алынат:

**$a : a = 1$**

**3.** Класста 34 окуучу бар. Алардын ар бирине 1 ден «G‘uncha» журналы таратылды. Бардыгы болуп канча «G‘uncha» журналы таратылган?

**4.** Жадыбалды толтур:

| ***a*** | 5 | 45 | 0 | 98 |
|---|---|---|---|---|
| ***a*·1** | | | | |
| **1·*a*** | | | | |

| ***a*** | 8 | 16 | 35 | 65 |
|---|---|---|---|---|
| ***a*:1** | | | | |
| ***a*:*a*** | | | | |

**5.** Маселелерди чыгар жана аларды салыштыр:

1) 18 сабиз 6 коёнго тең бөлүп берилди. Ар бир коёнго канчадан сабиз берилген?

2) 23 дептер 23 окуучуга тең бөлүп берилди. Ар бир окуучу канчадан дептер алган?

**6.** Дүкөнгө сатуу үчүн 21 куурчак, андан үч эсе аз топ алып келишти. Дүкөнгө бардыгы болуп канча топ алып келишкен?

**7.** Салыштыр:

| | | |
|---|---|---|
| $5 \cdot 1 \square\ 5 : 5$ | $42 : 42 \square\ 6 \cdot 1$ | $16 : 16 \square 19 : 1$ |
| $27 \cdot 1 \square 27 : 1$ | $58 \cdot 1 \square 58 : 1$ | $18 : 18 \square 15 : 1$ |

## 10 САНЫНЫН КАТЫШУУСУНДА КӨБӨЙТҮҮ ЖАНА БӨЛҮҮ

**1.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:



$10 \cdot 2 = 20$



$2 \cdot 10 = 20$

> 10 ду 2 ге көбөйтүү үчүн 1 ондукту 2 ге көбөйтүү керек, натыйжада 2 ондук же 20 алынат.
>
> Демек: $10 \cdot 2 = 20$, же $2 \cdot 10 = 20$ болсо, анда $20 : 2 = 10$, $20 : 10 = 2$ болот.

**2.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| $10 \cdot 3$ | $10 \cdot 5$ | $10 \cdot 8$ | $10 \cdot 9$ |
| $3 \cdot 10$ | $5 \cdot 10$ | $8 \cdot 10$ | $9 \cdot 10$ |
| $30 : 3$ | $50 : 5$ | $80 : 8$ | $90 : 9$ |
| $30 : 10$ | $50 : 10$ | $80 : 10$ | $90 : 10$ |

**3.** Мейманкананын 10 терезеси бар. Ар бир терезеге 4 төн ваза коюлган. Терезелерге коюлган бардык вазалар канча?

**4.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| $10 \cdot 2 = 20$ | $2 \cdot 10$ | $20 : 2$ | $20 : 10$ |
| $10 \cdot 3 = 30$ | $3 \cdot 10$ | $30 : 3$ | $30 : 10$ |
| $10 \cdot 4 = 40$ | $4 \cdot 10$ | $40 : 4$ | $40 : 10$ |
| $10 \cdot 5 = 50$ | $5 \cdot 10$ | $50 : 5$ | $50 : 10$ |
| $10 \cdot 6 = 60$ | $6 \cdot 10$ | $60 : 6$ | $60 : 10$ |
| $10 \cdot 7 = 70$ | $7 \cdot 10$ | $70 : 7$ | $70 : 10$ |
| $10 \cdot 8 = 80$ | $8 \cdot 10$ | $80 : 8$ | $80 : 10$ |
| $10 \cdot 9 = 90$ | $9 \cdot 10$ | $90 : 9$ | $90 : 10$ |
| $10 \cdot 10 = 100$ | $10 \cdot 10$ | $100 : 10$ | $100 : 10$ |

**5.** Теңдемелерди чыгар:

$29 + x = 60$ | $x - 26 = 40$ | $80 - x = 53$

$58 - x = 50$ | $41 + x = 64$ | $x - 15 = 35$

**6.** Эсепте:







**7.** Ашканада шире даярдоо үчүн 10 кг дан 5 ящик кургатылган мөмө алып келишти. Ашканага бардыгы болуп канча килограмм кургатылган мөмө алып келишкен?

**8.** Салыштыр:

$10 \cdot 4$ □ $50 : 5$ | $9 \cdot 10$ □ $10 \cdot 9$ | $80 : 8$ □ $10 \cdot 8$

$10 \cdot 3$ □ $30 : 3$ | $7 \cdot 10$ □ $10 \cdot 2$ | $60 : 10$ □ $10 \cdot 6$

## КАШААЛУУ ЖАНА КАШААСЫЗ ТУЮНТМАЛАР

**1.** Төмөнкү туюнтмалар кандай амалдарды өзүндө камтыган? Аларды түшүндүрүп аткар:

$27+3-5$ $\quad$ $50-20-9$ $\quad$ $12:2\cdot4$ $\quad$ $3\cdot6:2$

Кошуу менен кемитүүнү же көбөйтүү менен бөлүүнү өзүндө камтыган кашаасыз туюнтмаларда амалдар кандай тартипте жазылган болсо, ошол тартипте солдон оңго карай аткарылат.

Үлгү: $46+4-8=50-8=42$

$15:3\cdot4=5\cdot4=20$

**2.** Мисалдарды чыгар:

| | | |
|---|---|---|
| $67-40+3$ | $24+12-6$ | $8\cdot3:4$ |
| $20+18-6$ | $28-13-5$ | $12:2\cdot3$ |

**3.** Ар бир кемселге 5 түрмөктөн жүн жип кеткен болсо, 10 ошондой кемселге канча түрмөк жүн жип кеткен?

**4.** Туюнтмаларда кандай амалдар бар? Бул амалдарды тартиби менен аткар:

$2\cdot5+8$ $\quad$ $8\cdot2-6$ $\quad$ $3+6\cdot2$

Кашаасыз туюнтмаларда адегенде тартиби менен көбөйтүү жана бөлүү, андан кийин тартиби менен солдон оңго карай кошуу жана кемитүү аткарылат.

Үлгү: $16-2\cdot3=16-6=10$

$18:2+4\cdot4=9+16=25$

**5.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:

| | | |
|---|---|---|
| $2\cdot7+3$ | $36:4+15$ | $19-8+23$ |
| $4\cdot4-4$ | $21:3+14$ | $32+8-20$ |

6. Жадыбалдын негизинде маселе түз жана аны чыгар: Зейнеп бир баштыкчада 2 кг дан болгон 5 баштыкча конфет сатып алды. Зейнеп бардыгы болуп канча килограмм конфет сатып алган?

|  | Бир баштыкчадагы конфеттин массасы | Баштыкчалар саны | Бардык баштыкчадагы конфеттин массасы |
|---|---|---|---|
| | 2 кг | 5 | ? кг |
| | 2 кг | ? | 10 кг |
| | ? кг | 5 | 10 кг |

7. Мектеп спорт ийрими үчүн 30 шахмат жана шашка алып келишти. Алардан 18 и шахмат болсо, анда канча шашка алып келишкен?

## КАШААЛУУ, КАШААСЫЗ ТУЮНТМАЛАРДА АМАЛДАРДЫ АТКАРУУНУН ТАРТИБИ

**1.** 1) Туюнтманын окшоштугун жана айырмасын аныкта:
$40-24:4=40-6=34$ $(40-24):4=16:4=4$
2) Ар бир туюнтманын маанисин табууда амалдарды аткаруунун тартибин билип ал.

1) Эгерде туюнтмада кашаалар болсо, алардын ичиндеги амал биринчи аткарылат;
2) Көбөйтүү жана бөлүү жазылыш тартиби менен аткарылат;
3) Кошуу жана кемитүү жазылыш тартиби менен аткарылат.

$75 - (28 + 27) = 75 - 55 = 20$
$30 : (27 - 17) = 30 : 10 = 3$
$59 - 18 : 2 = 59 - 9 = 50$

**2.** 80 – (38 + 22) | (50 – 23) : 3 | (24 + 18) – 20
60 : (39 – 29) | (40 – 38) · 4 | (32 – 17) + 15

**3.** Анварда 26 эсеп таякчасы бар болчу. Бир нече өз алдынча турган квадрат түзгөндөн кийин 2 таякча ашып калды. Анвар канча квадрат түзгөн?

**4.** Мисалдарды үлгүдө көрсөтүлгөндөй чыгар:

57 + 13 – 23 = □□

$$\begin{array}{r} 57 \\ +\ 13 \\ \hline 70 \end{array} \qquad \begin{array}{r} 70 \\ -\ 23 \\ \hline 47 \end{array}$$

49 + 12 – 25 | 90 – 45 + 12
68 – 16 + 10 | 59 + 21 – 30
37 + 23 – 20 | 86 – 26 + 14

**5.** Жадыбалды толтур:

| Бөлүнүүчү | 30 | 40 | 50 | 60 | 70 | 80 | 90 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бөлүүчү | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
| Тийинди | | | | | | | |

**6.** Баштыкта 32 жаңгак бар болчу. 4 бала жаңгактарды тең бөлүп алышты. Ар бир бала канчадан жаңгак алган?

**7.** (42 + 18) – 30 | 90 – (28 + 22) | 39 – 18 : 2
(57 – 27) + 15 | 50 : (25 – 15) | 15 : 5 + 7

**8.** Автосалондо бир жума бою 37 жеңил машина, андан 7 ге аз жүк машинасы сатылды. Автосалондо бир жума бою бардыгы болуп канча машина сатылган?

**1.** Бир үй-бүлө үчүн 45 аш кашык, 23 чай кашык сатып алышты. Бул үй-бүлө үчүн бардыгы болуп канча кашык сатып алышкан?

**2.**

| | | |
|---|---|---|
| $4 \cdot 3 \square 8 \cdot 2$ | $18 : 3 \square 12 : 4$ | $4 \cdot 4 \square 16 : 4$ |
| $2 \cdot 9 \square 9 \cdot 2$ | $21 : 7 \square 14 : 7$ | $3 \cdot 5 \square 18 : 6$ |

**3.** Мисалдардын чыгарылышын түшүндүр:



$3 \cdot 4 \rightarrow 4 \cdot 3 \rightarrow 5 \cdot 2 \rightarrow 6 \cdot 3 \rightarrow 8 \cdot 2$

$5 \cdot 3 \rightarrow 3 \cdot 5 \rightarrow 2 \cdot 7 \rightarrow 7 \cdot 2 \rightarrow 8 \cdot 3$

**4.** 12 квадратча ар бир катарга 6 дан кылып терилди. Квадратчалар канча катар болду?

**5.** Мисалдардын жообун тап.




**6.** Мектептин ашканасына ар биринде 6 кг дан 5 куту печенье алып келишти. Канча килограмм печенье алып келишкен?

**7.** Мисалдарды текшерүү менен чыгар:

$$+\begin{array}{r}41\\19\\\hline\end{array} \qquad -\begin{array}{r}70\\24\\\hline\end{array} \qquad +\begin{array}{r}57\\32\\\hline\end{array} \qquad -\begin{array}{r}92\\61\\\hline\end{array} \qquad +\begin{array}{r}36\\45\\\hline\end{array}$$

## ЖАДЫБАЛ ИЧИНДЕ КӨБӨЙТҮҮ ЖАНА БӨЛҮҮ

### 2 САНЫН БИР ОРУНДУУ САНГА КӨБӨЙТҮҮ, 2 ГЕ БӨЛҮҮ ЖАНА ТИЙИНДИДЕ 2 ЧЫГА ТУРГАН САНГА БӨЛҮҮ

**1.**



$2+2=4$
$2\cdot 2=\square$



$2+2+2=6$
$2\cdot 3=\square$



$2+2+2+2=8$
$2\cdot 4=\square$



$2+2+2+2+2=10$
$2\cdot 5=\square\square$

**Көбөйтүү жадыбалын эсте сакта:**

| | | | |
|---|---|---|---|
| $2\cdot 2=4$ | $2\cdot 4=8$ | $2\cdot 6=12$ | $2\cdot 8=16$ |
| $2\cdot 3=6$ | $2\cdot 5=10$ | $2\cdot 7=14$ | $2\cdot 9=18$ |

**2.** $2\cdot 2+2$  $2\cdot 3+2$  $2\cdot 4+2$  $2\cdot 5+2$

**3.** Балдардын көйнөгүнө 2 м кездеме кетет. 3 ошондой көйнөккө канча метр кездеме кетет?

**4.** Теңдемелерди чыгар:
$x\cdot 2=4$  $x\cdot 2=6$  $x\cdot 2=8$  $x+2=10$

**5.** Кошуу боюнча мисалдарды көбөйтүү боюнча мисалдар менен алмаштырып чыгар:
Үлгү: $2+2=2\cdot 2$
$2+2+2$  $2+2+2+2$  $2+2+2+2+2$

**6.** Мансур 2 капастын ар бирине 4 төн кекиликти жайлаштырды. Капастарда бардыгы болуп канча кекилик бар?

**7.**

| | | |
|---|---|---|
| $(50+20)+9$ | $60+(27-7)$ | $(30+10)+7$ |
| $(40-10)+8$ | $70-(17+3)$ | $(80-10)+5$ |

**1.** Жадыбалдан жообу 8, 12, 14, 16, 18 ге барабар болгон мисалдарды оку. Бул жадыбалды эсте сакта.

| | | | |
|---|---|---|---|
| $2\cdot2=4$ | | $4:2$ | |
| $2\cdot3=6$ | $3\cdot2$ | $6:2$ | $6:3$ |
| $2\cdot4=8$ | $4\cdot2$ | $8:2$ | $8:4$ |
| $2\cdot5=10$ | $5\cdot2$ | $10:2$ | $10:5$ |
| $2\cdot6=12$ | $6\cdot2$ | $12:2$ | $12:6$ |
| $2\cdot7=14$ | $7\cdot2$ | $14:2$ | $14:7$ |
| $2\cdot8=16$ | $8\cdot2$ | $16:2$ | $16:8$ |
| $2\cdot9=18$ | $9\cdot2$ | $18:2$ | $18:9$ |

Экиден сана.



| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2 | 4 | 6 | 8 | 10 | 12 | 14 | 16 | 18 |

**2.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:

| | | |
|---|---|---|
| $2:2=\square$ | $8:2=\square$ | $14:2=\square$ |
| $4:2=\square$ | $10:2=\square$ | $16:2=\square$ |
| $6:2=\square$ | $12:2=\square$ | $18:2=\square$ |

**3.** 18 кг күрүч 2 баштыкчага тең бөлүп салынды. Ар бир баштыкчага канча килограммдан күрүч салынган?

**4.** 14 кг маш 7 баштыкчага тең бөлүп салынды. Ар бир баштыкчага канча килограммдан маш салынган?

**5.** Сүрөттүн негизинде маселе түз жана аны чыгар:



2 кг     2 кг     2 кг     2 кг     2 кг

Ар бир баштыкчадагы печеньенин массасы 2 кг. 5 баштыкчадагы печеньенин массасы канча?

**6.** Жадыбал боюнча маселе түз жана аны чыгар:

**7.** Тигүүчү 6 пальтого 5 тен жана 9 костюмга 4 төн топчу тикти. Тигүүчү бардыгы болуп канча топчу тиккен?

**8.** 50 см + 40 см
40 дм – 30 дм
20 мм + 20 мм

80 мм – 20 мм
60 мм + 30 мм
70 см – 50 см

# ҮЧ ОРУНДУУ САНДАРДЫ НОМЕРЛӨӨ. МИҢДИК




## ҮЧ ОРУНДУУ САНДАРДЫ НОМЕРЛӨӨ

**1.** 1) Бир ондукта канча бирдик бар?



10 бирдик



1 ондук

2) Жүздүктө канча ондук бар?



10 ондук



1 жүздүк

3) Жүздүктөрдү сана:



= 1 миңдик

100 ондук же 10 жүздүк

1 жүздүк – жүз
2 жүздүк – эки жүз
3 жүздүк – үч жүз
4 жүздүк – төрт жүз
5 жүздүк – беш жүз
6 жүздүк – алты жүз
7 жүздүк – жети жүз
8 жүздүк – сегиз жүз
9 жүздүк – тогуз жүз
10 жүздүк – миң

Жүздүктөр – жүз 100, эки жүз 200, үч жүз 300, төрт жүз 400, беш жүз 500, алты жүз 600, жети жүз 700, сегиз жүз 800, тогуз жүз 900, 10 жүздүк – 1000.

Миң саны төмөнкүдөй жазылат: 1000

**2.** 4 жүздүк, 1 ондук, 5 бирдик, 8 жүздүк, 9 ондуктан турган сандарды жаз.

**3.** Мисалдардын чыгарылышын түшүндүр:

100+100=200 200–100=100
300–100=200 300+100=400

Жүздүктөрдүн үстүндөгү амалдар бирдиктер менен ондуктардын үстүндөгү амалдар сыяктуу аткарылат.

**4.** Мектептин айланасына 90 терек жана арча көчөттөрү отургузулду. Эгерде арча көчөттөрү 50 болсо, канча терек көчөтү отургузулган?

**5.** Бош чакмактарды толтур.

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 100 | | | 400 | | | | 800 | |

**6.** 300 + 200 – 100 500 – 100 + 200
600 – 300 + 200 400 + 200 – 300

**7.** Дүкөнгө 200 ящикте газдуу суусундук алып келишти. Эгерде түшкө чейин 100 ящиктеги суусундук сатылган болсо, дагы сатыла турган канча ящик газдуу суусундук калган?

**1.** Сандарды цифраларда туюнт.

3 жүздүк, 5 ондук жана 8 бирдик;

5 жүздүк, 8 ондук жана 2 бирдик;

7 жүздүк, 6 ондук жана 5 бирдик.

**2.** Талаадан бир машинада 200 кап, экинчи машинада да ошончо кап пияз алып кетишти. Талаадан эки машинада бардыгы болуп канча кап пияз алып кетишкен?

**3.**




**4.** Сандарды койгонуңда, барабардык туура болсун:

200 + □□ = 220          670 – □□ = 600

530 – □□ = 500          400 + □□ = 480

**5.** Ар бир фигурадагы квадрат сантиметрлерди санап, ар бир фигуранын аянтын тап.



**6.** Багбан бир түп хурмадан 60 кг, экинчи түп хурмадан болсо бир нече килограмм түшүм алгандан кийин түшүм 100 кг болду. Багбан экинчи түптөн канча килограмм хурма алган?

**7.**

| | | |
|---|---|---|
| 53 + 47 | (56 + 44) – 50 | (62 + 38) + 10 |
| 76 + 24 | (83 + 17) – 37 | (54 + 46) + 20 |

## ЖҮЗДҮК, ОНДУК ЖАНА БИРДИКТЕРДЕН САНДАРДЫ АЛУУ

**1.** Жадыбалдын негизинде алынган сандарды түшүндүр жана аларды оку.

| Жүздүк | Ондук | Бирдик |
|---|---|---|
|  1 |  2 |  5 |

**2.** Жадыбалдагы цифралардан алынган сандарды оку жана аларды дептериңе жаз.

| Жүздүктөр разряды | Ондуктар разряды | Бирдиктер разряды |
|---|---|---|
| 2 | 5 | 7 |
| 5 | 3 | 9 |
| 8 | 2 | 6 |
| 6 | 1 | 4 |

Бирдиктер, ондуктар, жүздүктөрдүн разряд бирдиктери чогуу биринчи класс — бирдиктер классын түзөт.

| | | |
|---|---|---|
| 10 бирдик = 1 ондук | | 1 жүздүк = 100 бирдик |
| 10 ондук = 1 жүздүк | | 1 миңдик = 1000 бирдик |
| 10 жүздүк = 1 миңдик | | 1 миңдик = 100 ондук |

**3.** Бир сапка бир орундуу сандарды, экинчи сапка эки орундуу сандарды, үчүнчү сапка үч орундуу сандарды өсүп баруу тартибинде жаз:

18, 116, 62, 9, 6, 358, 469, 75, 8, 854, 96, 5.

**4.** Ар бир катардагы сандарды оку:

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| 10 | 20 | 30 | 40 | 50 | 60 | 70 |
| 100 | 200 | 300 | 400 | 500 | 600 | 700 |

а) сандардын разряд бирдиктерин айт;

б) Ар бир мамычадагы сандар эмнеси менен окшош, эмнеси менен айырмаланат?

**5.** Салыштыр:

| | | |
|---|---|---|
| 200 □ 300 | 500 □ 500 | 700 □ 600 |
| 400 □ 900 | 600 □ 300 | 400 □ 700 |

**6.** Жактары узундуктарынын суммасы 80 мм болгон квадрат чий жана аны боё.

**7.** 400+200–100     700–200+100

600–300+100     200+200–100

**1.** Сандарды цифралар менен жаз. Ар бир цифра эмнени билдирет?

1) 2 жүздүк, 8 ондук жана 4 бирдик;
2) 8 жүздүк, 5 ондук жана 7 бирдик;
3) 5 жүздүк, 9 ондук жана 2 бирдик;
4) 9 жүздүк, 6 ондук жана 3 бирдик.

**2.** Төмөнкү сандарды оку жана ар бир цифра эмнени билдиришин айт: 524, 859, 285, 126, 275?

**100 дөн 999 га чейин болгон сандар – үч орундуу сандар.**

**3.** Жадыбал негизинде маселе түз жана аны чыгар.

| Бар болчу | Алып келишти | Болду |
|---|---|---|
|  100 м атлас |  Дагы 100 м атлас | ? м |

**4.** 895, 458, 763 сандарынын ар биринде бардыгы болуп канча жүздүк, канча ондук, канча бирдик бар?

**5.** Тегерекчелерге 1 ден 8 ге чейин болгон сандарды жайлаштырганында, квадраттын ар бир катарындагы сандардын суммасы 12 ге барабар болсун.



**6.** Бир сапка эки орундуу, ал эми экинчи сапка болсо үч орундуу сандарды көчүрүп жаз:

475, 83, 925, 604, 24, 354, 66, 524, 18.

7. Жактары 30 см жана 40 см болгон тик бурчтуктун периметрин тап.

## ҮЧ ОРУНДУУ САНДЫ РАЗРЯД БИРДИКТЕРИНИН СУММАСЫ КӨРҮНҮШҮНДӨ СҮРӨТТӨӨ

**1.** Сандарды разряд кошулуучуларынын суммасы көрүнүшүндө сүрөттөөнү түшүндүр:

| | |
|---|---|
| 175 = 100 + 70 + 5 | 419 = 400 + 10 + 9 |
| 284 = 200 + 80 + 4 | 863 = 800 + 60 + 3 |

2. Мисалдарды үлгү боюнча аткар:

Үлгү: 500 + 70 + 5 = 575

| | | |
|---|---|---|
| 400 + 30 + 4 | 600 + 80 + 9 | 800 + 90 + 3 |
| 300 + 30 + 7 | 200 + 60 + 2 | 500 + 50 + 1 |
| 100 + 70 + 5 | 700 + 20 + 8 | 900 + 40 + 6 |

3. Ондон солго карай бирдиктер кайсы орунга, ондуктар кайсы орунга жана жүздүктөр кайсы орунга жазылат?

4. Төмөнкү сыйкырдуу квадратчаларды толтур.

| | | |
|---|---|---|
| | | 170 |
| | 150 | 160 |
| 130 | | 120 |

| | | |
|---|---|---|
| | | 140 |
| | 150 | |
| 160 | 110 | 180 |

| | | |
|---|---|---|
| 135 | 120 | 195 |
| | 150 | |
| | | 165 |

**5.** Сандарды разряд кошулуучуларынын суммасы көрүнүшүндө жаз: 153; 226; 345; 582; 738; 895

**6.**

| | | |
|---|---|---|
| 5 онд. + 4 онд. | 7 жүз + 1 жүз | 4 жүз. + 3 жүз. |
| 6 жүз. + 2 жүз. | 9 онд. + 1 онд. | 3 онд. + 3 онд. |

**7.** Мектептин багында 50 түп дарак бар. Алардан 18 түбү алма, 17 түбү алмурут, калгандары болсо өрүк дарагы. Бакта канча түп өрүк дарагы бар?

**1.** Мисалдарды үлгүдө көрсөтүлгөндөй чыгар:

Үлгү: $300 + 20 + 7 = 327$

| | | |
|---|---|---|
| 800 + 90 + 8 | 500 + 40 + 6 | 600 + 80 + 3 |
| 200 + 30 + 5 | 700 + 20 + 1 | 400 + 50 + 7 |

**2.** Ар бир катардагы “артык баш” санды айт.

1) 284, 501, 624, 42, 712;

2) 86, 200, 14, 57, 96;

3) 815, 945, 726, 68, 438.

**3.** Дүкөндө бир күндө 200 кг кум шекер сатылды. Ошондой кийин дүкөндө сатылганынан 100 кг га көп кум шекер калды. Баштап дүкөндө канча килограмм кум шекер болгон?

**4.** Машинада көрсөтүлгөн сандарды өсүп баруу тартибинде жаз:



**5.** Үч бурчтуктун периметри 12 см. Анын бир жагынын узундугу 5 см ге, ал эми экинчи жагынын узундугу 3 см ге барабар. Үч бурчтуктун үчүнчү жагынын узундугун тап.

**6.** Сандарды разряд бирдиктеринин суммасы көрүнүшүндө туюнт: 134, 172, 523, 675, 860, 792, 873, 951.

**7.** 3, 0, 5 цифраларынан пайдаланып, бир нече үч орундуу сан түз жана аны жаз.

## ҮЧ ОРУНДУУ САНДАРДЫ САЛЫШТЫРУУ

**1.** 0, 1, 2 жана 4, 5, 6 цифраларынан пайдаланып, алардын бирин да кайталабастан, мүмкүн болгон бардык үч орундуу сандарды жаз.

**2.** Сандардын салыштырылышын түшүндүр:

| | | |
|---|---|---|
| 295 > 259 | 295 < 529 | 295 > 254 |
| 295 < 376 | 295 = 295 | 295 < 925 |

Үч орундуу сандар жүздүктөрдүн саны боюнча салыштырылат. Эгерде жүздүктөрдүн саны барабар болсо, ондуктардын саны боюнча салыштырылат. Эгерде ондуктардын саны да барабар болсо, бирдиктердин саны боюнча салыштырылат. Эгерде бирдиктердин саны да барабар болсо, мындай сандар барабар болот.

**3.** Мисалдарды үлгү боюнча аткар: 482>328

| | | |
|---|---|---|
| 396 ☐ 369 | 825 ☐ 852 | 245 ☐ 245 |
| 248 ☐ 284 | 586 ☐ 568 | 471 ☐ 417 |

**4.** Бир түп чие дарагынан 48 кг, экинчи түп дарактан болсо андан 36 кг га аз чие терип алышты. Биринчи түптөгү чие экинчи түптөн терилген чиеден канча эсе көп?

**5.** Сүрөттө берилген фигурадан 3 таякчаны алып кой, натыйжада 5 квадрат калсын.



**6.** Эки кесинди чий: биринин узундугу 12 см, экинчи кесинди биринчи кесиндинин төрттөн бир бөлүгүнө барабар болсун.

**7.** Салыштыр.

| | | |
|---|---|---|
| 214 □ 274 | 912 □ 713 | 465 □ 654 |
| 365 □ 158 | 564 □ 564 | 380 □ 308 |

**1.** 1) Эсепте 199 санынан кийин кайсы сан келет? 999 санынан кийинчи?

2) Эсепте 690 санынан мурда кайсы сан келет? 1000 санынан кийинчи?

**2.**

| | | |
|---|---|---|
| 399 □ 400 | 842 □ 824 | 248 □ 842 |
| 576 □ 567 | 575 □ 575 | 970 □ 907 |
| 284 □ 482 | 536 □ 627 | 821 □ 912 |

**3.** Ашканага 100 кг пияз алып келишти. Биринчи күнү анын экиден бир бөлүгү, экинчи күнү үчтөн бир бөлүгү иштетилди. Ашканада канча килограмм пияз калган?

**4.** Сандарды өсүп баруу тартибинде жайлаштыруу.

255 256 253 254 252 251 250

**5.** Разряд бирдиктеринин суммасын сан менен туюнт:

Үлгү: 200 + 40 + 6 = 246

| | | |
|---|---|---|
| 500 + 70 + 5 | 900+10+7 | 400+20+2 |
| 700 + 80 + 9 | 500 +50+8 | 300+60+3 |

**6.** Жадыбал боюнча маселе түз жана аны чыгар.

|  | Бир костюмга кеткен кездеме | Костюмдардын саны | Бардык костюмга кеткен кездеме |
|---|---|---|---|
| | 4 метр | 20 | ? |
| | 4 метр | ? | 80 метр |
| | ? | 20 | 80 метр |

**7.** 4 себетте 16 кг, 2 себетте болсо 8 кг алма бар. Эгерде 4 себеттеги алмалар көп болсо, анда алар 2 себеттеги алмалардан канча эсе көп?

**8.** 

| | | |
|---|---|---|
| 321 ☐ 156 | 561 ☐ 615 | 672 ☐ 672 |
| 432 ☐ 234 | 445 ☐ 542 | 263 ☐ 362 |

# МИҢДИН ИЧИНДЕ ООЗЕКИ ЖАНА ЖАЗМА НОМЕРЛӨӨ. УЗУНДУК ЧЕН БИРДИГИ: КИЛОМЕТР

**1.** Бул жерде таякча канча?



10 жүздүк — миң.

1000 саны мындай жазылат:




**2.** 1) 1 жүздүктө канча ондук, канча бирдик бар?

 =  = 

1 жүздүк 10 ондук 100 бирдик.

2) 1 миңдикте канча жүздүк, канча ондук, канча бирдик бар ?

1 миңдик = 10 жүздүк





1 миңдикте 10 жүздүк, 100 ондук, миң бирдик бар.
Миң саны төмөнкүдөй жазылат: 1000.

**3.** 1) 100 дөн 1000 ге чейин 100 дөн кошуп сана;
2) 497 ден 507 ге чейин, 768 ден 805 ке чейин, 989 дан 1000 ге чейин 1 ден кошуп сана.

**1 км = 1000 м**

Чоң аралыктар километрлерде өлчөнөт. «Кило» сөзү латинче болуп, кыргызча «миңди» билдирет. 1 километрде 1000 метр бар. Аралыкты көрсөткөндө сандардан кийин «километр» сөзү кыскача **км** деп жазылат.
Мисалы, 2 км, 150 км, 500 км.

**4.** Эки айылдын ортосундагы аралык 25 км. Велосипедчилер бири-бирин көздөй жолго чыгышты. Алардан бири жолугушканга чейин 13 км жолду басып өттү. Экинчи велосипедчи канча жол жүргөн?




**5.** Сүрөттөгү фигураларды дептериңе чий жана аларды боё.



**6.** Сандарды оку: 185, 270, 472, 600, 785, 598, 999. Бул сандардын ар биринде канча жүздүк, канча ондук, канча бирдик бар?

**7.** Нафиса 5 жашта. Атасы кызынан 8 эсе чоң. Атасы канча жашта?

**8.**

| | | |
|---|---|---|
| 47 + 43 – 20 | 78 – 20 + 12 | 97 – (28 + 12) |
| 24 – 30 + 16 | 23 + 23 – 30 | 63 + (47 – 25) |

**1.** Төмөнкү сандарды оку, бул сандардын ар биринде канча жүздүк, канча ондук, канча бирдик бар?

675, 448, 729, 931, 800, 867, 999, 1000

**2.**




| | | |
|---|---|---|
| 1 000 = 100 + … | 1 000 = 400 + … | 1 000 = 700 + … |
| 1 000 = 200 + … | 1 000 = 500 + … | 1 000 = 800 + … |
| 1 000 = 300 + … | 1 000 = 600 + … | 1 000 = 900 + … |

**3.** 999 санынан 1 ге көп, 1000 санынан 1 ге аз санды айт.

Эгерде сандын кандайдыр разрядында нөл турган болсо, анда сан окулганда ошол разряддын аты түшүрүп калтырылат, башкача айтканда окулбайт.

**4.** Сандарды өсүп баруу тартибинде жайлаштыр:



**5.** Үч сандын суммасы 968. Биринчи сан 468, экинчи сан 332 болсо, үчүнчү санды тап.

**6.** Сандарды өсүп баруу тартибинде көчүрүп жаз: 675, 448, 729, 995, 800, 997, 867, 999, 1000

**7.** Дүкөнгө 100 велосипед алып келишти. 6 күндө күн сайын 9 дан велосипед сатылды. Сатуу үчүн дагы канча велосипед калды?

## МИҢДИК, ЖҮЗДҮК, ОНДУК ЖАНА БИРДИКТЕР ОРТОСУНДАГЫ КАТЫШ

**1.**




| | | |
|---|---|---|
| 1000 = 999+… | 1000 = 996+… | 1000 = 993+… |
| 1000 = 998+… | 1000 = 995+… | 1000 = 992+… |
| 1000 = 997+… | 1000 = 994+… | 1000 = 991+…. |

**2.** Биринчи кырмандагы шалы 400 кап, экинчисиндеги болсо 300 кап чыгат. Эки кырмандагы бардык шалы канча кап болот?

**3.** Сандарды оку: 645, 403, 800, 545, 999, 300

1) Бул сандардын ар биринде канча бирдик бар?
2) Бул сандардын ар биринде канча ондук бар?
3) Бул сандардын ар биринде канча жүздүк бар?

3 цифрасы катышкан сандарды жаз.

Ондуктар разрядында 4 цифрасы катышкан санды жаз.

**4.** Түшүрүп калтырылган сандарды коюп, мисалдарды көчүрүп жаз:

730 = □□ онд.
890 = □□ онд.
280 = □□ онд.

564 = □□ онд. □ бирд.
495 = □□ онд. □ бирд.
328 = □□ онд. □ бирд.

**5.** 5, 0, 8 цифралары жардамында канча үч орундуу санды жазууга болот?

508, 580, 805, 850….

**6.** Сүрөттүн негизинде маселе түз жана аны чыгар:




**7.** Бир уста бир күндө 14 стул жасайт. Үч уста 6 күндө канча стул жасайт?

**8.** Сандарды цифралар менен туюнт.

Үлгү: 5 жүздүк, 6 ондук жана 3 бирдик = 563

8 жүздүк 5 ондук жана 2 бирдик;
5 жүздүк 3 ондук жана 4 бирдик;
7 жүздүк 6 ондук жана 3 бирдик;
9 жүздүк 1 ондук жана 5 бирдик.

**1.** 1) Эң чоң үч орундуу сан: 999
2) Бул санга 1 ди кошобуз: 999+1
3) Натыйжада төрт орундуу сан алынат.

**2.** Жадыбалда жазылган сандарды оку жана аларды дептериңе жаз.

| Миңдиктер разряды | Жүздүктөр разряды | Ондуктар разряды | Бирдиктер разряды |
|---|---|---|---|
| 1 | 0 | 0 | 0 |
| | 5 | 6 | 7 |
| | 4 | 0 | 9 |
| | 8 | 4 | 1 |

**3.** 672, 394, 289, 963, 495 сандарын разряд кошулуучуларынын суммасы көрүнүшүндө жаз.
Үлгү: $567 = 500 + 60 + 7$

**4.** Эки шаардын ортосундагы аралык 150 км. Бул шаарлардан бири-бирин көздөй эки машина жолго чыкты. Биринчи машина 60 км, экинчиси 70 км жол жүргөндөн кийин алардын ортосунда канча аралык калат?




**5.** Биринчи кесиндинин узундугу 80 см, экинчи кесиндинин узундугу биринчисинен 16 см ге кыска. Эки кесинди узундуктарынын суммасын тап.

**6.** Шайыргүл 248 беттен турган китептин 124 бетин окуду. Ал дагы китептин канча бетин окууга тийиш?

# 1000 САНЫ. 1000 ДИН ИЧИНДЕ КОШУУ ЖАНА КЕМИТҮҮНҮ ЭСЕПТӨӨ УСУЛДАРЫ

**1.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар.

1) 70 + 50 = □□□
7 онд. + 5 онд. = 12 онд. = 120 бирд.
Демек: 70 + 50 = 120

2) 140 – 60 = □□
14 онд. – 6 онд. = 8 онд. = 80 бирд.
Демек: 140 – 60 = 80

3) 200 + 600 = □□□
2 жүзд. + 6 жүзд. = 8 жүзд. = 800 бирд.
Демек: 200 + 600 = 800

4) 900 – 400 = □□□
9 жүзд. – 4 жүзд. = 5 жүзд. = 500 бирд.
Демек: 900 – 400 = 500

5) 270 + 600 = □□□
27 онд. + 6 онд. = 33 онд. = 330 бирд.
Демек: 270 + 60 = 330

6) 420 – 60 = □□□
42 онд. – 6 онд. = 36 онд. = 360 бирд.
Демек: 420 – 60 = 360

Кошуу жана кемитүүдө нөлдөр менен аяктаган жүздүк менен ондуктарды ондуктар менен бирдиктердин үстүндөгү амалдар менен алмаштырууга болот.

**2.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 400 + 100 | 80 + 60 | 500 + 400 | 270 + 60 |
| 700 – 300 | 90 – 30 | 300 – 200 | 240 – 70 |

**3.** Складдан дүкөндөргө бардыгы болуп канча килограмм жашылча жөнөтүлгөн?




**4.** Сандарды салыштыр.

| | | |
|---|---|---|
| 276 □ 438 | 843 □ 263 | 348 □ 245 |
| 325 □ 483 | 438 □ 903 | 576 □ 576 |

**5.** Ишканада 426 аял жана 314 эркек жумушчу эмгектенет. Ишканада бардыгы болуп канча жумушчу эмгектенет?

**6.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 90 + 50 | 160 – 70 | 300 + 400 | 200 + 60 |
| 80 – 40 | 280 + 50 | 900 – 500 | 700 – 70 |

**7.** Базарга 865 кг сабиз алып келишти. Биринчи күнү 342 кг, экинчи күнү 326 кг сабиз сатылды. Сатыла турган канча сабиз калды?

**1.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:

1) 360 + 30 = □□□

360 + 30 = 300 + (60 + 30) = 300 + 90 = 390

300 60

Демек: 360 + 30 = 390

2) 580 – 70 = □□□

580 – 70 = 500 + (80 – 70) = 500 + 10 = 510

500 80

Демек: 580 – 70 = 510

**2.**

| | | |
|---|---|---|
| 620 + 50 | 580 – 30 | 270 + 200 |
| 250 + 30 | 150 + 40 | 560 – 300 |

**3.** Бир маала менен экинчи мааланин ортосундагы аралык 270 км, экинчи маала менен үчүнчүсүнүн арасы болсо андан 20 км ге көп. Биринчи маала менен үчүнчү мааланин арасы канча километр?

**4.** Сүрөттөгү фигуралардын аянттарын салыштыр:



**5.** Үч 5 тин жардамында 2 санын кантип алууну билесиңби?

**6.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 530+40 | 680–400 | 130+50 | 260+100 |
| 790–60 | 290+300 | 420–20 | 340–200 |

**7.** Салиманын чоң атасы 72 жашта. Салима чоң атасынан 8 эсе кичине. Салима канча жашта?

**1.** 1) 460+40= □□□

460+40=400+(60+40)=400+100=500

400 60

3) 580–400=□□□

580–400=(500–400)+80=100+80=180

500 80

**2.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 340 + 60 | 230 – 30 | 590 + 200 | 340 – 200 |
| 870 + 30 | 940 + 50 | 680 – 400 | 420 + 200 |

**3.** Дүкөнгө сатуу үчүн 9 ящикте мөмө ширесин алып келишти. Эгерде ар бир ящикте 10 дон шире болсо, бардыгы болуп канча шире алып келишкен?

**4.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:

700 $\xrightarrow{+}$ 200 $\xrightarrow{-}$ 500 $\xrightarrow{-}$ 200 $\xrightarrow{+}$ 800 $\xrightarrow{=}$ ?

**5.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:




**6.** 490 + 200 | 580 – 300 | 260 + 40
540 – 100 | 270 + 400 | 350 – 50

**7.** Үйдү ремонттоо үчүн биринчи күнү 24, экинчи күнү биринчи күндөгүдөн 6 га көп, ал эми үчүнчү күнү биринчи жана экинчи күнү чогуу канча болсо, ошончо тактай алып келишти. Үчүнчү күнү канча тактай алып келишкен?

**1.** Мисалдардын чыгарылышын түшүндүр:

**1-усул:**

1) 420 + 90 = 42 ондук + 9 ондук = 51 ондук = 510 бирдик = 510

**2-усул:**

420+90=(420+80)+10=500+10=510

80 10

2) **1-усул:**

420 – 90 = 42 ондук – 9 ондук = 33 ондук = 330 бирдик = 330

**2-усул:**

420 – 90 = (420–20) – 70 = 400 – 70 = 330

20 70

**2.** 280+30 | 430–50 | 590+40 | 960–70
320–40 | 270+60 | 750–70 | 680+50

**3.** Бул фигуралардын арасында төрт бурчтуктар көппү же тик бурчтуктар көппү? Алардын чокуларын тамгалар менен белгиле:



**4.** Мугалим окуучуларга 29 сызыктуу дептер жана ошончо чакмак дептер таратты. Ошондон кийин мугалимде 12 дептер калды. Баштап мугалимде канча дептер болгон?

**5.** 37, 36, 45, 48, 54, 81 сандарынын кайсы бири 9 га калдыксыз бөлүнөт?

**6.** 658 □ 654 | 527 □ 158 | 480 □ 480
427 □ 472 | 314 □ 341 | 570 □ 507

**7.** 24 метр кездемеден халат тигүү үчүн үчтөн бир бөлүгү кыркып алынды. Канча метр кездеме кыркып алынган?

**1.** Мисалдын чыгарылышын түшүндүр:

230 + 160 = □□□

200 30 100 60

230 + 160 = (200 + 100) + (30 + 60) = 390.

Жүздүктөр жүздүктөргө, ондуктар ондуктарга кошулат.

**2.** 140+130 | 340+250 | 560+230
260+120 | 420+170 | 750+210

| | | |
|---|---|---|
| 140+130 | 340+250 | 560+230 |
| 260+120 | 420+170 | 750+210 |

**3.** Чарбадан тегирменге 240 кг буудай, 120 кг арпа алып келишти. Тегирменге бардыгы болуп канча килограмм дан алып келишкен?

**4.** Ушундай беш бурчтуктарды чий. Биринчи беш бурчтуктан бир кесинди жүргүзгөнүңдө, бир үч бурчтук жана бир төрт бурчтук алынсын, ал эми экинчисинде болсо эки төрт бурчтук алынсын.



**5.** Сандарды разряд кошулуучуларынын суммасы көрүнүшүндө жаз: 243, 175, 586, 891, 998, 794

**6.** Сандарды койгонуңда, барабардык жана барабарсыздыктар туура болсун.

| | |
|---|---|
| 50 мм = □ см | 4 дм < □□ см |
| 80 мм = □ см | 8 см = □□ мм |
| 60 мм = □ см | 5 дм > □□ см |

**7.** Наабайканада бир күндө 150 даана күлчө нан жана 120 патир нан жабылды. Наабайканада бардыгы болуп канча даана нан жабылган?

**1.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:

470 – 250 = ☐☐☐

470 → 400, 70; 250 → 200, 50

$470 - 250 = (400 - 200) + (70 - 50) = 200 + 20 = 220$

> Жүздүктөр жүздүктөрдөн, ондуктар ондуктардан кемитилет.

**2.**

| | | |
|---|---|---|
| 350 – 230 | 560 – 300 | 690 – 460 |
| 270 – 140 | 480 – 250 | 870 – 540 |

**3.** Азык-түлүк дүкөнүнө сатуу үчүн 560 куту кара жана көк чай алып келишти. Алардан 250 кутусу кара чай болсо, канча куту көк чай алып келишкен?

**4.** Чийменин негизинде маселе түз жана аны чыгар.








**5.**

| | | |
|---|---|---|
| 480 – 200 | 240 – 120 | 350 – 230 |
| 570 – 320 | 690 – 430 | 760 – 650 |

**6.** Балмуздак дүкөнүндө биринчи күнү 140 даана, экинчи күнү болсо андан 30 даанага көп, үчүнчү күнү болсо экинчи күндөгүгө караганда 16 даанага көп балмуздак сатылды. Үчүнчү күнү канча балмуздак сатылган?

# ТЕГЕРЕК ЖАНА АЙЛАНА. АЙЛАНАНЫН БОРБОРУ, РАДИУСУ, ДИАМЕТРИ. ЦИРКУЛЬ

**1.**




Сүрөттө көрсөтүлгөн – **тегерек**. *NL* – **тегеректин радиусу**, *KM* – **тегеректин диаметри** болот.




Айлана циркуль жардамында түзүлөт. Циркулдун ийнеси жайлашкан *O* чекитине **айлананын борбору** дейилет.

*OC* – **айлананын радиусу**

*BC* – **айлананын диаметри** болот.

**2.**




Адатта чекиттер латин алиппесинин баш тамгалары менен белгиленет. Мисалы: *A* жана *B* чекит тегеректин ичинде, *C* жана *D* чекити болсо тегеректин тышында жататат.

**3.** Бир түрмөктө 40 м чыт бар болчу. Шейшеп үчүн 20 м, жастык кап үчүн 10 м чыт кыркып алынды. Түрмөктө канча метр чыт калды?

**4.** Теңдемелердин чыгарылышын түшүндүр:

| | |
|---|---|
| $12 : x = 2$ | $20 : x = 2$ |
| $x = 12 : 2$ | $x = 20 : 2$ |
| $\underline{x = 6}$ | $\underline{x = 10}$ |
| $12 : 6 = 2$ | $20 : 10 = 2$ |
| $2 = 2$ | $2 = 2$ |

**5.** Радиусу 4 см болгон айлана чий.

**6.**

| | | |
|---|---|---|
| $46 - 16 + 19$ | $(69 - 68) \cdot 9$ | $27 \cdot (75 - 74)$ |
| $53 + 17 - 20$ | $(38 - 38) \cdot 1$ | $15 \cdot (12 - 11)$ |

**1.** Радиусу 2 см 7 мм ге барабар болгон айлана чий. Айлананын борборун тамга менен белгиле.

**2.** Фигурада чекиттер латин алиппесинин баш тамгалары менен белгиленген. Тегеректен тышта жаткан чекиттерди, тегеректин ичинде жаткан чекиттерди айт.




**3.** Балыкчылар бир күнү 210 кг, экинчи күнү 180 кг балык кармашты. Балыкчылар ошол эки күндө бардыгы болуп канча килограмм балык кармашкан?

**4.**

| | | |
|---|---|---|
| 630 + 260 | 470 – 240 | 370 + 210 |
| 580 – 310 | 260 + 120 | 280 – 150 |
| 270 + 130 | 740 – 310 | 180 + 120 |

**5.** Айлананын радиусун чене.




**6.** Жообу 111, 222, 333, 444, 555, 666, 777, 888 жана 999 болгон мисалдар түз жана аларды жаз.

**7.** Талаадан үзүлгөн бадыраңдардын 72 килограммы 8 кг дан, ал эми 54 килограммы болсо 6 кг дан кылып ящиктерге салынды. Бадыраңдар бардыгы болуп канча ящикке салынган?

1. Сүрөттү карап чык. Тегеректин радиусу эмнеге барабар экендигин чене жана жаз. *A* жана *B* чекиттердин ортосундагы аралык канча? Чекиттерден кайсылары тегеректин ичинде; тегеректен тышта; айланада жатат. Аларды айт.




2. Радиусу 2 см 5 мм ге барабар болгон, борбору дептер сызыктарынын кесилишкен чекитинде жаткан айлананы циркуль жардамында чий. Аны 4 барабар бөлүккө бөл. Бир бөлүгүн боё.

3. Дүкөндө бир күндө 270 кг картөшкө сатылды. Ошондон кийин 120 кг картөшкө калды. Баштап дүкөндө канча килограмм картөшкө болгон?

4. Жадыбал негизинде маселе түз жана аны чыгар.

| Бар болчу | Алып келишти | Болду |
|---|---|---|
|  120 велосипед |  Дагы 120 велосипед | ? |

5. 5, 10, 15, 20, 25, 30, 35 сандарын ар бир тегерекчеге бирден жайлаштырганында, ар бир багыттагы үч сандын суммасы 50, 60, 70 чыксын.



6. 564 □ 546 | 341 □ 291 | 658 □ 658
283 □ 227 | 457 □ 475 | 529 □ 592

# ЭКИ АЙЛАНАНЫН ТЕГИЗДИКТЕ ӨЗ АРА ЖАЙЛАШУУСУ

**1.** Эки айлананын тегиздикте өз ара жайлашуусун түшүндүр.



**2.** Жадыбал негизинде берилген мисалдарды чыгар.

 +  = 1000

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
|  | 910 | 920 | 930 | 940 | 950 | 960 | 970 | 980 | 990 |
|  | | | | | | | | | |

**3.** Дүкөндө биринчи күнү 20 кг, экинчи күнү 16 кг га көп сатылды. Эгерде ар бир кутуда 3 кг дан конфет болсо, экинчи күнү канча куту конфет сатылган?

**4.** Мисалдарды чыгар:

100 + ◯ = 400 570 – ◯ = 500

◯ – 200 = 500 ◯ + 90 = 290

400 + ◯ = 700 960 – ◯ = 900

**5.** Радиусу 3 см 8 мм ге барабар болгон айлана чий. Айлананын борборун тамга менен белгиле.

**6.** Анвар менен Акбар бассейнде бири-бирин көздөй сүзүштү. Анвар жолугушканга чейин 27 м, Акбар болсо жолдошунан 5 м ге кыска аралыкка сүздү. Баштап алардын ортосундагы аралык канча метр болгон?

**7.**

| | | |
|---|---|---|
| 599+1 | 320+320 | 190–140 |
| 999+1 | 180+220 | 480–320 |
| 898+1 | 560+230 | 770–560 |

**1.** Тегеректин радиусу эмнеге барабар экендигин чене. Тегеректе тиешелүү чекиттерди айт.




**2.** Тигүүчүлүк устаканасында бир жылда 540 костюм тигилүүгө тийиш болчу. Биринчи жарым жылда 370, экинчи жарым жылда 220 костюм тигилди. Жылдык план канчага ашыгы менен аткарылды?

**3.** Сандарды салыштыр.

| | | |
|---|---|---|
| 156 □ 261 | 212 □ 165 | 564 □ 465 |
| 912 □ 893 | 847 □ 248 | 750 □ 750 |

**4.** Сандарды разряд бирдиктеринин суммасы көрүнүшүндө жаз:

| | | |
|---|---|---|
| 160=100+□□ | 760=700+□□ | 990=900+□□ |
| 240=200+□□ | 650=600+□□ | 830=800+□□ |

**5.** 8 см узундуктагы кесиндини чий. Бул кесиндинин $\frac{1}{2}$ бөлүгүн боё. Канча узундуктагы кесинди боёлду?

**6.** Ар бир фигуранын аянтын квадрат сантиметрдин моделдери жардамында тап:



**7.**

| | | |
|---|---|---|
| 630 + 120 | 680 – 450 | 240 + 150 |
| 460 – 250 | 570 + 230 | 350 – 240 |

## КУРАМДУУ МАСЕЛЕЛЕР

**1.** Дүкөндө бир күндө 104 кг күрүч, 40 кг маш, 36 кг төө буурчак сатылды. Дүкөндө бир күндө канча килограмм дан сатылган?

**2.** Сандарды койгонунда, барабардыктар туура болсун:

| | |
|---|---|
| 430 + ☐☐ = 500 | 790 – ☐☐ = 700 |
| 570 – ☐☐ = 500 | 640 + ☐☐ = 690 |
| 600 + ☐☐ = 680 | 990 – ☐☐ = 900 |

**3.** 35 цифрасы жардамында 0 санын ала аласыңбы?

**4.** Дилфузанын чоң атасы 81 жашта. Дилфуза чоң атасынан 9 эсе кичине. Дилфуза канча жашта?

**5.** Катарды улант:

100, 150, 200, …. (800 ге чейин)
200, 230, 260, …. (300 гө чейин)
910, 920, …. (1000 ге чейин)

**6.** Үч бурчтуктун бир бурчу кыркылса, канча бурч алынат? Жообуңду чиймеде негизде.

**7.** Салыштыр:

| | | |
|---|---|---|
| 353 □ 432 | 543 □ 543 | 619 □ 196 |
| 823 □ 832 | 227 □ 721 | 154 □ 154 |

**1.** Огороддон 156 кг сабиз, андан 64 кг га көп картөшкө казып алышты. Огороддон бардыгы болуп канча килограмм жашылча казып алышкан?

**2.** Сандарды өсүп баруу тартибинде көчүрүп жаз.

592, 431, 199, 576, 823, 472, 896, 997, 1000, 768, 349, 286, 698.

**3.** Чакмактардын санын саноо аркылуу фигуралардын аянттарын салыштыр:




1. Кайсы фигуранын аянты эң чоң?
2. Кайсы фигуранын аянты эң кичине?
3. Кайсы фигуралардын аянты бири-бирине барабар?

**4.** Теңдемелерди чыгар:

$58 + x = 97$ $\quad$ $45 : x = 9$ $\quad$ $x \cdot 6 = 36$

**5.** Азизада 21 эсеп таякчасы бар болчу. Ал бир нече квадрат түзгөндөн кийин 1 таякча ашып калды. Азиза канча квадрат түзгөн?

**6.** Бир мамычага сандардын суммасын, экинчи мамычага сандардын айырмасын жаз. Бул сандуу туюнтмалардын маанисин тап: 440 + 150, 410 + 410, 760 – 500, 640 – 400, 990 – 230, 510 + 220, 660 + 330.

**7.** Эгерде $a = 280$ болсо, $790 - a$, $a - 120$ туюнтманын маанисин тап.

**1.** Мисалдарды чыгар:

| | | |
|---|---|---|
| 510 + 220 | 770 – 320 | 160 + 240 |
| 640 – 340 | 420 + 250 | 490 – 280 |

**2.** Эки шаардан бири-бирин көздөй автобус менен жеңил машина жолго чыкты. Жолугушканга чейин автобус 80 км, жеңил машина андан 40 км ге көп жол жүрдү. Шаарлардын ортосундагы аралыкты тап.




**3.** Цистернада 89 литр сүт бар болчу. Андан ар бирине 9 литрден кылып 9 бидонго сүт куюлду. Цистернада канча литр сүт калды?

**4.** Тик бурчтук төрт барабар бөлүккө бөлүндү. Анын төрттөн бир бөлүгү кызыл, калган бөлүгү жашыл түскө боёлду. Тик бурчтуктун кандай бөлүгү жашыл түскө боёлгон?

**5.** Суммасы 100 болгон сандар жуптугун тап:
35, 27, 44, 88, 65, 12, 56, 73.

**6.** Үч сандын суммасы 100 болгон сандарды тап:
21, 15, 55, 71, 66, 38, 13, 14, 15, 43, 19, 30.

**7.** Жообу 100 чыгышы үчүн кайсы жактан жүрүү керек? Эсептөөнү туура аткар.




**8.** Эртең менен дүкөндө 760 метр шайы бар болчу. Күндүн аягына келип 160 метр шайы калды. Калганына караганда канча метрге көп шайы сатылган?

**9.** Мисалдарды чыгар:

| | | |
|---|---|---|
| 620 + 300 | 560 – 300 | 680 + 210 |
| 850 – 500 | 340 + 150 | 760 – 340 |

## САНДЫН БӨЛҮГҮН ЖАНА БӨЛҮГҮ БОЮНЧА САНДЫ ТАБУУ. БӨЛҮКТӨРДҮ САЛЫШТЫРУУ

**1.** 1) Тасма узундугунун жарымын тап.

12 см

| Жарымы | Жарымы |
|---|---|
| 6 см | 6 см |

Чыгаруу: 12 : 2 = 6 (см). Жообу: 6 см.

> Санды экиге бөлгөндө алынган сан ошол сандын экиден бир бөлүгү же жарымы деп аталат.

2) Тасма узундугунун үчтөн бир бөлүгүн тап.

12 см

| Үчтөн бири | Үчтөн бири | Үчтөн бири |
|---|---|---|
| 4 см | 4 см | 4 см |

> Санды үчкө бөлгөндө алынган санга ошол сандын үчтөн бир бөлүгү дейилет.

3) Тасма узундугунун төрттөн бир бөлүгүн тап.

12 см

| Төрттөн бири | Төрттөн бири | Төрттөн бири | Төрттөн бири |
|---|---|---|---|
| 3 см | 3 см | 3 см | 3 см |

> Санды төрткө бөлгөндө алынган сан ошол сандын төрттөн бир бөлүгү же чейреги деп аталат.

**2.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 20 + 19 | 90 – 50 | 57 + 32 | 100 – 9 |
| 48 + 10 | 58 – 50 | 57 – 32 | 100 – 47 |

**3.** Китеп 80 беттен турат. Сардар бул китептин төрттөн бир бөлүгүн окуп чыкты. Сардар китептин дагы канча бетин окууга тийиш?

**4.** Мисалды түшүндүрүп чыгар.

56 – 16 = □□

8 · 7 = □□ 40 : 4 = □□

72 : 9 = □ 10 · 9 = □□

40 + 32 = □□ 90 – 18 = □□

**5.** Эгерде дарбыздын жарымы 4 кг болсо, анда бүтүн дарбыз канча килограмм?

**6.**

| | | |
|---|---|---|
| 35 : 7 □ 35 : 5 | 28 : 4 □ 30 : 5 | 4 · 6 □ 9 · 7 |
| 42 : 6 □ 49 : 7 | 30 : 6 □ 45 : 9 | 8 · 8 □ 7 · 4 |

**7.** Аш кабактын үчтөн бир бөлүгү 2 кг. Бүтүн аш кабактын өзү канча килограмм?

**1.** Топтордун жалпы саны 12 болсо:

1) топтордун жарымы канча?



2) топтордун үчтөн бир бөлүгү канча?



3) топтордун төрттөн бир бөлүгү канча?



**2.** Кашаaларды койгонунда, натыйжа берилген санга барабар болсун:

15 – 7 + 3 = 5 58 – 17 – 9 = 50 40 – 12 – 2 = 30

**3.** Мисалдарды түшүндүрүп чыгар:




**4.** Жообу 200 чыгышы үчүн кайсы жактан жүрүү керек? Эсептөөнү туура аткар.




**5.** Берилген кесиндинин үчтөн бир бөлүгү 4 см. Берилген кесиндинин узундугун тап жана аны чиймеде көрсөт.

**6.**

| | | |
|---|---|---|
| (38 – 28) · 9 | 75 – 57 + 24 | 35 : (37 – 30) |
| (91 – 88) · 8 | 41 – 29 + 12 | 54 : (26 – 20) |
| (67 – 60) · 7 | 21 + 29 – 10 | 81 : (19 – 10) |

**7.** Азиз ырдын жарымын жаттады. Эгерде ал 12 сап ыр жаттаган болсо, бул ыр канча саптан турат экен?




# ӨТҮЛГӨНДӨРДҮ БЫШЫКТОО ҮЧҮН КӨНҮГҮҮЛӨР

**1.** Амалдарды аткар. Туюнтмалардын бири-бирине байланышын аныкта:

| | | |
|---|---|---|
| $3 \cdot 8 = 24$ | $5 \cdot 6 = 30$ | $9 \cdot 2 = 18$ |
| $24 : 3 = \square$ | $30 : 5 = \square$ | $18 : 9 = \square$ |
| $24 : 8 = \square$ | $30 : 6 = \square$ | $18 : 2 = \square$ |

**2.** Мектептин устаканасында 28 стул, андан 4 эсе аз стол ремонттолду. Бардыгы болуп канча стол жана стул ремонттолду?

**3.** Түстөргө карап мисалдардын жообун тап:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 100 + 100 | 72 : 8 | 9 · 8 | 420 – 20 |
| 300 – 100 | 200 + 100 | 64 : 8 | 7 · 9 |
| 9 · 9 | 500 – 100 | 200 + 20 | 500 + 80 |

**4.** 24 метр шайыдан көйнөк тигүү үчүн анын үчтөн бир бөлүгү кыркып алынды. Канча метр шайы кыркып алынган?

**5.** *LM* түз сызыгы *ABC* үч бурчтугунун биринчи фигурада кайсы жактарын, экинчи фигурада кайсы жактарын кесип өткөн?




**6.** Жаңы курулган имараттын биринчи кабатында 27, ал эми экинчи кабатында болсо 29 бөлмө бар. Экинчи кабатында биринчисине караганда канчага көп бөлмө бар?

**7.**

| | | |
|---|---|---|
| 240 □ 180 | 185 □ 158 | 382 □ 382 |
| 567 □ 657 | 478 □ 487 | 259 □ 529 |

**8.** Ар бир фигурадагы квадратчаларды санап, фигуралардын аянтын тап:



**9.** Сабырда 20 эсеп таякчасы бар болчу. Ал бир нече өз алдынча турган үч бурчтук түзгөндөн кийин 2 таякча ашып калды. Сабыр канча үч бурчтук түзгөн?

**10.** Теңдемелерди чыгар:

$42 + x = 79$ | $x \cdot 2 = 12$ | $4 \cdot x = 32$ | $x : 5 = 8$

**11.** Мелдеште 26 эркек бала жана 10 кыз бала катышып жатат. Алар 9 дан болуп топторго бөлүнүштү. Балдар бардыгы болуп канча топко бөлүнүшкөн?

**12.** Түстөргө карап мисалдардын жообун тап:

| | | | |
|---|---|---|---|
| $43+24$ | $2 \cdot 9$ | $27 : 3$ | $74+26$ |
| $75-25$ | $64+30$ | $3 \cdot 6$ | $18 : 3$ |
| $24 : 3$ | $58-27$ | $42+28$ | $3 \cdot 5$ |

**13.** Кыска жазуу боюнча маселе түз жана аны чыгар:

1) Бар болчу — 9 вертолёт
Учуп кетти — ? вертолёт
Калды — 5 вертолёт

2) Бар болчу — 15 л сүт
Иштетилди — 4 л жана 3 л сүт
Калды — ? л сүт

**14.** Сандарды койгонуңда, барабардыктар туура болсун.

250 + □□ = 290 | 530 – □□ = 500
680 – □□ = 600 | 460 + □□ = 500
900 + □□ = 950 | 370 – □□ = 300

**15.** Бир шаар менен экинчисинин ортосундагы аралык 120 км, экинчи шаар менен үчүнчүсүнүн арасы болсо андан 30 ге көп. Биринчи шаар менен үчүнчү шаардын арасы канча километр?

**16.** Эки таякчанын ордуларын алмаштырганыңда, натыйжада 5 бирдей квадрат алынсын.



**17.** Сүрөт жана кыска жазуу боюнча маселе түз жана аны чыгар:






Бар болчу – 10 конфет
Желди – 3 жана 2
Калды – ? конфет

I усул: □□–(□+□)

II усул: (□□–□)–□

**18.** Сандарды цифраларда туюнт:
4 жүздүк, 5 ондук жана 2 бирдик.
5 жүздүк, 8 ондук жана 6 бирдик.
8 жүздүк, 2 ондук жана 9 бирдик.

**19.** Сүрөттө берилген фигураларды салыштыр:



**20.** Туюнтмаларды жаз жана алардын маанисин тап:
1) 4 жана 8, 3 жана 9, 4 жана 5 сандарынын көбөйтүндүсү;
2) 36 жана 4, 27 жана 3, 28 жана 4 сандарынын тийиндиси.

**21.** Дүкөндө бир күндө 140 кг кум шекер сатылды. Ошондон кийин дүкөндө 60 кг кум шекер калды. Эртең менен дүкөндө канча кум шекер болгон?

**22.** (17 + 11) : 4 | (67 – 43) : 3 | (77 – 41) : 4
(58 – 31) : 3 | (18 + 14) : 4 | (11 + 10) : 3

**23.** Ар бири 4 килограммдан 6 куту конфет сатып алынды. Алынган бардык конфеттин массасы канча?

**24.** Бир мамычага сандардын суммасын, экинчи мамычага сандардын айырмасын жаз. Бул сандуу туюнтмалардын маанисин тап:
100 + 28, 500 – 300, 400 + 60, 800 – 400,
380 + 40, 650 – 50.

**25.** Самолёт пунктка жетиши үчүн дагы канча аралыкты учуп өтүүгө тийиш?




**26.** Жактары 4 см 5 мм жана 2 см 4 мм болгон тик бурчтук чий. Анын чокуларын тамгалар менен белгиле.

**27.** 32 : 8 □ 72 : 9 | 9 · 8 □ 7 · 6 | 49 : 7 □ 7 · 7
54 : 6 □ 40 : 5 | 6 · 6 □ 4 · 9 | 45 : 9 □ 5 · 9

**28.** Туюнтмалардын маанисин тап:
1) 40 менен 10 дун тийиндисин 9 эсе чоңойт;
2) 8 менен 5 тин көбөйтүндүсүн 4 эсе азайт.

**29.** 1, 2, 3, 4, 5, 6 сандарынын арасына арифметикалык амал белгилерин жана кашааларды койгонуңда, натыйжада 60 алынсын.

**30.**  

Улуу бабаларыбыз Ал-Харезмий 783-жылы, Абу Али ибн Сина болсо 980-жылы туулган. Ал-Харезмий Абу Али ибн Сина-дан канча жашка улуу? Абу Али ибн Сина Ал-Харезмийден канча жашка кичүү?

**31.** Жадыбал негизинде маселе түз жана аны чыгар.

| Бар болчу | Алып келишти | Болду |
|---|---|---|
|  100 ящик өрүк |  Дагы 50 ящик өрүк | ? ta |

**32.** Ойлонгон санды *x* тамгасы менен белгиле жана теңдеме түзүп чыгар:

1) Ойлонгон санга 30 ду кошуп, 58 алынды. Кандай сан ойлонгон?
2) Ойлонгон санды 25 ке азайтып, 45 алынды. Кандай сан ойлонгон?

**33.** Амал белгилерин барабардыктар туура боло турган кылып кой:

| | | |
|---|---|---|
| 30□17 = 47 | 48□26 = 22 | 69□69 = 0 |
| 54□24 = 30 | 47□41 = 88 | 23□20 = 3 |

**34.** Үч сандын суммасы 100. Биринчи сан 55, экинчи сан 25. Үчүнчү санды тап.

**35.** Кошуу жана кемитүүнүн туура аткарылганын кандайча текшерүүгө болот?

# МАЗМУНУ


1-класста өтүлгөн материалдарды кайталоо жана жалпылаштыруу......3
Сумманы жана айырманы табуу боюнча жөнөкөй мисалдар .......... 3
Мааниси бирдей болгон мисалдар.. 5
Кошууну текшерүү............................. 9
Кемитүүнү текшерүү ........................ 10
Тик бурч. Тик эмес бурч ..................11
Көп бурчуктун периметри................ 13
Сандар жана эсептөөлөр. 100 дүн ичинде ондуктан өтүп кошуу жана кемитүү .................. 16
Сандар огу жана анын моделдери 16
100 дүн ичинде сандарды разряддан өтүп кошуунун усулдары19
Жөнөкөй жана курамдуу маселелерди чыгаруу.......................... 22
Эки орундуу сандардын ондук курамы. Кошуунун мамыча усулу .......................................... 26
Үлгү боюнча удаалаштыкты улантуу....................................... 32
Турмушта кездешчү координаталар системасынын моделдери.. 34
100 дүн ичинде сандарды разряддан өтүп кемитүүнүн жазма усулу ................................ 38
Сандарды кемитүүнүн мамыча усулу ........................................... 41
Айырманы табуу боюнча курамдуу маселелер .................. 45
Убакыт бирдиктери: саат, минут. Убакыт, аралык жана ылдамдыкты табуу боюнча жөнөкөй маселелер ................................... 47
Жөнөкөй фигураларды татаал фигураларга айландыруу жана тескериси........................... 50
Тик бурчтуктун карама-каршы жактарынын касиеттери............. 51
Квадрат ........................................... 53
Кошуу жана кемитүү амалдарынын курамдык бөлүктөрү жана натыйжалары ортосундагы өз ара байланыш .............. 55
Сандуу туюнтмалар. Теңдемелер. Геометриялык фигуралар жана чоңдуктар .............................. 58
Бир нече барабар (бирдей) кошулуучулардын суммасы. Санды бир нече барабар кошулуучулар суммасы көрүнүшүндө туюнтуу.......61
Жөнөкөй жана курамдуу маселелерди чыгаруу.......................... 62
Тамгалуу туюнтмалар...................... 63
Геометриялык фигураларды белгилөө ..................................... 67
Теңдеме. Теңдемелерди тандоо усулу менен чыгаруу ................. 69
Көбөйтүү жана бөлүү. Геометриялык фигуралар жана чоңдуктар75
Көбөйтүү. Көбөйтүүнүн мааниси .... 75
Көбөйтүү амалы компоненттеринин аталышы .............................. 79
Амал компоненттери жана натыйжалары ортосунда өз ара байланыштар ............................... 80
Бөлүү. Бөлүү амалынын мааниси . 82
Тең бөлүктөргө бөлүү. Бүтүндүн бөлүгү .......................... 85
Көбөйтүү жана бөлүү амалы менен чыгарыла турган маселелер........................................ 86
Көбөйтүү жана бөлүү амалдарынын ортосундагы катыш ........ 89
Маселени жадыбал усулунда чыгаруу ....................................... 90
Белгисиз көбөйтүүчүнү табуу ......... 92
Белгисиз бөлүнүүчүнү табуу........... 95
Миллиметр ....................................... 97

0, 1, 10 сандарынын катышуусунда көбөйтүү жана бөлүү....... 98
10 санынын катышуусунда көбөйтүү жана бөлүү ................ 101
Кашаалуу жана кашаасыз туюнтмалар.................................. 103
Кашаалуу, кашаасыз туюнтмаларда амалдарды аткаруунун тартиби ..................................... 104
Жадыбал ичинде көбөйтүү жана бөлүү......................................... 107
2 санын бир орундуу санга көбөйтүү, 2 ге бөлүү жана тийиндиде 2 чыга турган санга бөлүү ............................... 107
3 санын бир орундуу санга көбөйтүү жана 3 кө бөлүү ........110
4 санын бир орундуу санга көбөйтүү жана 4 кө бөлүү ........116
5 санын бир орундуу санга көбөйтүү жана 5 ке бөлүү ........118
6 санын бир орундуу санга көбөйтүү жана 6 га бөлүү ....... 120
7 санын бир орундуу санга көбөйтүү жана 7 ге бөлүү........ 122
8 санын бир орундуу санга көбөйтүү жана 8 ге бөлүү........ 124
9 санын бир орундуу санга көбөйтүү жана 9 га бөлүү ....... 126
Курамдуу маселелер..................... 128
100 дүн ичинде көбөйтүү жана бөлүү......................................... 130
Бир орундуу сандарды көбөйтүүнүн жадыбалы............. 131
Бир орундуу сандарды бөлүү жадыбалы ................................. 132
Үлүштөр. Геометриялык фигуралар жана чоңдуктар...... 133
Сандын үлүшү ............................... 133
Сандын үлүшүн сөздөр же сандар жардамында сүрөттөө....... 134
Берилген шарттардын негизинде маселе түзүү жана чыгаруу 135
Көйгөйлүү маселелер .................... 139
Геометриялык фигуралар: квадрат, тик бурчтук, үч бурчтук, тегерек жана алар менен байланыштуу чоңдуктар ........... 142
Фигураларды салыштыруу жана боёо. Бөлүктөрү боюнча фигураны түзүү жана бөлүктөргө ажыратуу ................ 144
Бөлүнүүчү, бөлүүчү, тийинди жана калдыкты чиймеде туюнтуу ..... 147
Тик бурчтуктун жана квадраттын аянты ..................... 153
Аянт бирдиктери: квадрат сантиметр. Белгилениши — кв. см (см$^2$)...................................... 155
Чакмактуу кагазга чийилген фигуралардын аянттары .......... 157
Үч орундуу сандарды номерлөө. 162
Миңдик........................................... 162
Үч орундуу сандарды номерлөө .. 162
Жүздүк, ондук жана бирдиктерден сандарды алуу .................. 165
Үч орундуу санды разряд бирдиктеринин суммасы көрүнүшүндө сүрөттөө ............. 168
Үч орундуу сандарды салыштыруу. 170
Миңдин ичинде оозеки жана жазма номерлөө. Узундук чен бирдиги: километр ............ 173
Миңдик, жүздүк, ондук жана бирдиктер ортосундагы катыш .. 176
1000 саны. 1000 дин ичинде кошуу жана кемитүүнү эсептөө усулдары..................... 179
Тегерек жана айлана. Айлананын борбору, радиусу, диаметри. Циркуль......................... 187
Эки айлананын тегиздикте өз ара жайлашуусу 190
Курамдуу маселелер..................... 192
Сандын бөлүгүн жана бөлүгү боюнча санды табуу. Бөлүктөрдү салыштыруу .......... 196
Өтүлгөндөрдү бышыктоо үчүн көнүгүүлөр ........................ 199

**NABIYA ABDULXAFIZOVNA ABDURAHMONOVA**
**LOLAXON O‘KTAMOVNA O‘RINBOYEVA**

# MATEMATIKA

Umumiy o‘rta ta’lim maktablarining
2-sinfi үчүн darslik

*(Qirg‘iz tilida)*

*Оңдолгон жана толтурулган төртүнчү басылышы*

Ташкент – «Yangiyo‘l Poligraf Servis» – 2018
Басманын лицензиясы AI №185, 10.05.2011 ж.

Которгон – А. Зулпихаров
Редактору – А. Зулпихаров
Корректору – Ш. А. Зулпихорова
Техникалык редактору – М. Рыксиев

Басууга 15.05.2018 уруксат берилди.
Форматы 70х901/16. Офсеттик басма. «Arial» гарнитурасы.
Шарттуу б.т. 15,21. Басма т. 13,0.
Нускасы
- сандуу буюртма.
Келишим №

«Yangiyo‘l Poligraf Servis» ЖЧКнун басмаканасында басылды.
112001, Ташкент вилаяты, Янгийул ш., Самарканд көчөсү, 44.

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты жана фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебинин алган кездеги абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылып жаткандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

**Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын соңунда кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкүчө баалоо критерийлери боюнча толтурулат:**

| | |
|---|---|
| Жаны | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бутун, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажыраган эмес.Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу-сызуулар жок. |
| Канааттандырарлык | Мукабасы эскирген, бир аз чийилген, четтери жыртылган, окуу китеби негизги бөлүгүнөн бир аз ажыраган, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык даражада иретке келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| Канааттандырарлык эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же бүтүндөй жок, канаагтандырарлыксыз даражада калыбына келтирилген. Беттери жыртылган, барактары жетишсиз, чийип, боп ташталган. Окуу китеби жараксыз. |